**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ**

**КЫРГЫЗ БИЛИМ БЕРҮҮ АКАДЕМИЯСЫ**

# “КЫРГЫЗ ТИЛИ ЖАНА АДАБИЙ ОКУУ” ПРЕДМЕТТИК СТАНДАРТЫ

Кыргыз Республикасынын окутуу кыргыз тилинде жүргүзүлгөн жалпы билим берүүчү уюмдарынын 1-4-класстары үчүн

**Бишкек - 2022**

Кыргыз Республикасынын окутуу кыргыз тилинде жүргүзүлгөн жалпы билим берүүчү уюмдарынын 1-4-класстары үчүн “Кыргыз тили жана адабий окуу” предметтик стандарты.

**Түзүүчүлөр:**

**Токтомаметов Алмазбек Даткабекович** – педагогика илимдеринин кандидаты, РПККЖжКДИнин директору.

**Абдухамидова Батмахан Абдуакимовна** – педагогика илимдеринин кандидаты, доцент, И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети.

**Мааткеримова Айнура Дуйшобаевна** – Бишкек шаарындагы Т.Сатылганов атындагы №69 окуу-тарбия комплекс-гимназиясынын башталгыч класстарынын мугалими, тарбия иштери боюнча директордун орун басары.

**Эксперттер:**

**Султанбаева Н.К.** – Бишкек шаарындагы профессор А.Молдокулов атындагы улуттук инновациялык технологиялар мектеп-лицейинин башталгыч класстар мугалими.

**Оморова А.** – РПККЖжКДИнин улук окутуучусу.

**М А З М У Н У**

**1-БӨЛҮМ. ЖАЛПЫ ЖОБОЛОР**

1.1. Документтин статусу жана түзүмү ....................................................................4

1.2. Жалпы билим берүүчү уюмдар үчүн ченемдик документтердин системасы..5

1.3. Негизги түшүнүктөр жана терминдер ……………………………………..…....6

**2-БӨЛҮМ. ПРЕДМЕТТИН КОНЦЕПЦИЯСЫ**

2.1. Кыргыз тили жана адабий окуу предметтерин окутуунун максаты жана милдеттери .................... ......................... ........................................................11

2.2. Предметти түзүүнүн методологиясы ................................................................12

2.3. Предметтик компетенттүүлүктөр ......................................................................18

2.4. Негизги жана предметтик компетенттүүлүктөрдүн өз ара байланышы ..........19

2.5. Мазмундук тилкелер. Окуу материалдарын мазмундук тилкелер жана класстар боюнча бөлүштүрүлүшү .............................................................25

2.6. Предмет аралык байланыш. Өтмө тематикалык тилкелер .............................32

**3-БӨЛҮМ. БИЛИМ БЕРҮҮНҮН НАТЫЙЖАЛАРЫ ЖАНА БААЛОО**

3.1. Окуучуларды окутуудан күтүлүүчү натыйжалар (мазмундук тилкелер жана класстар боюнча) ...................................................35

3.2. Окуучулардын жетишкендиктерин баалоонун негизги стратегиялары жана ченемдери ..........................................................................................................46

**4-БӨЛҮМ. БИЛИМ БЕРҮҮ ПРОЦЕССИН УЮШТУРУУГА КАРАТА ТАЛАПТАР**

4.1. Окутуунун методикасына коюлган негизги талаптар ......................................51

4.2. Ресурстук камсыздоонун минималдуу талаптары ...........................................51

4.3. Шыктандыруучу жана коопсуз окутуу чөйрөсүн түзүү ....................................52

**АДАБИЯТТАР** ..........................................................................................................54

# 1-БӨЛҮМ
# ЖАЛПЫ ЖОБОЛОР

## 1.1. Документтин статусу жана түзүмү

Башталгыч класстардагы кыргыз тили жана адабий окуу предметтери боюнча бул стандарт Кыргыз Республикасынын Билим берүү жөнүндө мыйзамына, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 22-июлундагы №393 токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасында жалпы билим берүүнүн мамлекеттик билим берүү стандартына негизделип иштелип чыккан жана ал башталгыч класстардагы кыргыз тили жана адабий окуу предметтери боюнча окуу процессин жөнгө салат. Бул предметтик стандарттын негизинде кыргыз тили жана адабий окуу предметтери боюнча окуу программалар түзүлүп, окуу китептер, усулдук адабияттар, дидактикалык, ошондой эле окуучулардын билим жетишкендиктерин баалоо үчүн материалдар даярдалып, практикада колдонулат.

Бул предметтик стандартты төмөнкүлөр өз ишмердигинде жетекчиликке алат:

- башталгыч класстарда кыргыз тили жана адабий окуу (кыргыз тили, адабий окуу) предметтери боюнча окуу программаларын түзүүчүлөр; окуу китептердин, окуу-усулдук колдонмолордун, кошумча окуу материалдардын авторлору;
- болочок башталгыч класстардын мугалимдерин даярдоочу орто, жогорку кесиптик окуу жайлардын кыргыз тили жана адабий окуу боюнча окуу программаларын түзүүчүлөр;
- кесиптик орто билим берүү мекемелеринде, жогорку окуу жайларында педагогикалык башталгыч билим берүү адистиктерин даярдаган окутуучулар;
- башталгыч класстардын мугалимдери;
- башталгыч класстардын мугалимдеринин кесиптик чеберчилигин жогорулатуу менен алектенген адистер;
- башталгыч класстардын мугалимдерин аттестациялоодо билим берүү системаларынын жетекчилери;
- башталгыч класстардын балдарынын компетенттүүлүктөрүн баалоону өткөрүүчү адистер;
- башталгыч класстардын педагогикасы жана методикасы боюнча билим алып жаткан студенттер, магистрлер;
- башталгыч класстарда кыргыз тили жана адабий окуу сабактарын окутуу боюнча илимий иш жүргүзгөн аспиранттар, изденүүчүлөр, методист-окумуштуулар ж.б.

Башталгыч класстардагы кыргыз тили жана адабий окуу боюнча предметтик стандарт 4 бөлүмдөн туруп (предметтик стандарттын түзүмү документтин мазмунунда так чагылып турат), ал башталгыч класстарда кыргыз тили жана адабий окуу предметтерин өз алдынча жана өзүнүн ар биринин өзгөчөлүктөрүнө жараша окутуунун максат-милдеттерин, предметтин түзүлүш методологиясын, негизги жана предметтик компетенттүүлүктөрдү, алардын өз ара байланышын, мазмундук багыттарды, окуу материалдарынын бөлүнүшүн, өтмө катар тематикалык багыттарды, класстар жана баскычтар боюнча окутуудан күтүлүүчү натыйжаларды, окуучулардын жетишкендиктерин баалоонун негизги стратегияларын, ошондой эле ресурстук

камсыздоого жана шыктандыруучу окутуу чөйрөсүн түзүүгө карата талаптарды өзүнө камтыйт.

### 1.2. Жалпы билим берүүчү уюмдар үчүн ченемдик документтердин системасы

Стандарт төмөнкүдөй ченемдик укуктук актыларга негизделет:

1. Кыргыз Республикасынын Конституциясы, 2021.
2. Кыргыз Республикасынын «Билим берүү жөнүндөгү» мыйзамы, 2003.
3. «Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тил жөнүндө» мыйзамы, 2004.
4. 2021-2040-жылдары Кыргыз Республикасында билим берүүнү өнүктүрүү программасы, 2021.
5. «Кыргыз Республикасынын мектептик жалпы билим берүүнүн мамлекеттик билим берүү стандарты», Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 22-июлундагы № 393 токтому менен бекиген.
6. Башталгыч билим берүүнүн мамлекеттик стандарты. –Б., 1996.
7. Кыргыз Республикасынын мектептеринде предметтик билим берүүнүн мамлекеттик стандарты. Башталгыч класстар. –Б., 2006.
8. Кыргыз Республикасынын мектептеринде предметтик билим берүүнүн мамлекеттик стандарты. Башталгыч класстар. –Б., 2016.
9. «Башталгыч класстардагы окууга коюлуучу базалык талаптар», КББАнын Окумуштуулар кеңеши тарабынан бекитилген, 2014.

### 1.3. Негизги түшүнүктөр жана терминдер

**Аныктоочу (диагностикалык) баалоо** – окуучунун компетенциясынын калыптанышынын улам кийинки жетишкендигин баалоонун калыптануусунун деңгээлин баштапкы аныктоо процесси.

**Баа** – баалоо процессинин натыйжасы, баанын сандык туюнтулушу; баалоо боюнча процесс, иш же иш-аракет, кайра байланыштын сапаттуу маалыматы.

**Баа берүү** – окуучулардын алардын адептик жана интеллектуалдык өнүгүүсүнө жана алар тарабынан турмуштук зарыл болгон компетенцияларга ээ болуусуна, ошондой эле бул иштин билим берүүнүн сапатын жакшыртуу максатында билим берүүнүн мамлекеттик стандарттарынын талаптарына ылайык келүүсүн аныктоо үчүн окуучулар, мугалимдер, ата-энелер менен эки жактуу байланышты жүзөгө ашырууга багытталган маалымат арттыруучу ишин өлчөө, интерпретациялоо жана талдоо процесси.

**Баалоо** – окуучулардын окуу жана таанып-билүү ишмердигине байкоо жүргүзүү, ошондой эле билим берүүнүн сапатын жакшыртуу максатында окуучу жөнүндө маалыматтарды баяндоо, жыйноо, каттоо жана чечмелөө процесси; окуучулардын окуу жана таанып-билүү ишмердигин байкоо, ошондой эле билим сапатын жакшыртуу максатында окуучу жөнүндөгү маалыматтарды сыпаттоо, чогултуу, каттоо жана чечмелөө процесси; окуучулардын окуу жана таанып-билүү иштерине байкоо жүргүзүү процесси, ошондой эле билим берүүнүн сапатын жакшыртуу максатында окуучу жөнүндө маалыматтарды баяндоо, жыйноо, каттоо жана түшүндүрүү.

**Баа берүү системасы** – жетишкендиктерди өлчөөнүн жана окутуу маселелерин диагноздоонун, эки жактуу байланышты түзүүнүн, окуучуларга, мугалимдерге, ата-

энелерге, мамлекеттик жана коомдук түзүмдөрдө билим берүүнүн абалы, маселелери жана жетишкендиктери жөнүндө маалымат берүүнүн негизги каражаты.

**Билим берүү** – инсандын, коомдун жана мамлекеттин гармониялуу өнүгүшү үчүн тарбиялоонун жана окутуунун үзгүлтүксүз, системалуу процесси, окуучу мамлекет тарабынан белгиленген билим деңгээлине жетишти деген сөз менен коштолот. Билим алуу деп, белгилүү бир билим деңгээлиндеги окуучунун тиешелүү документ менен күбөлөндүрүлгөн жетишкендиги түшүнүлөт.

**Билим берүү процесси** – педагогдордун түздөн-түз катышуусу менен ар кандай түрдөгү сабактар жана окуучунун өз алдынча сабактары формасында, ошондой эле окуучулардын жана бүтүрүүчүлөрдүн сынактары, зачеттору, аттестациялоонун башка түрлөрү сыяктуу окутуунун жана тарбиялоонун уюштурулган процесси. Билим берүү программаларын ишке ашыруу билим берүү процесси аркылуу жүзөгө ашырылат.

**Билим берүү натыйжасы** – негизги жана предметтик компетенттүүлүктөрдү өздөштүрүү деңгээлинде чагылдырылган билим берүү процессинин белгилүү этабындагы окуучулардын билим жетишкендиктеринин жыйындысы.

**Блумдун таксономиясы** – *таксономия* – ар бир деңгээл (таксон) жогору турган таксонго карата түрдүк бөлүк, төмөн турган таксондорго карата тектик бүтүн болуп саналган, ич ара баш ийүүчүлүк түзүмү бар ишмердиктин классификацияланышы жана тутумдашуусу (системалаштырылышы). Аны америкалык психолог Бенджамин Блум түзгөн, мугалимдерге төмөнкү деңгээлден жогорку деңгээлге карай суроолорду коюуда жардам бере турган ой жүгүртүү көндүмдөрүнүн деңгээлдери.

**Божомолдоочу (диагноздоочу) баалоо** – (1) окуучулардын билимдеринин, билгичтиктеринин жана көндүмдөрүнүн (ББК; орусчасы – ЗУН), ошондой эле ишбилгилигинин (компетенттүүлүгүнүн) калыптануусунун баштапкы деңгээлин аныктай турган баалоо; (2) окуучулардын ишбилгиликтеринин жана билиминин, билгичтиктеринин жана көндүмдөрүнүн калыптануусунун баштапкы деңгээлин аныктоо максатындагы баалоо.

**Венн диаграммасы** – фактыларды, кубулуштарды, идеяларды салыштыруу үчүн пайдаланылуучу чектери бири-бирине кабатталган эки тегерек түрүндөгү схема-диаграмма. Ар бир тегеректеги бош орундар кубулуштун айырмачылыктарын жазуу үчүн, ал эми тегеректердин кошулушунан пайда болгон бөлүк алардын жалпы белгилерин белгилөө үчүн колдонулат.

**Гендердик теңчилик** – аялдар менен эркектердин бирдей укуктук статусу жана аны ишке ашыруунун бирдей мүмкүнчүлүктөрү, жынысына карабастан адамдарга жашоонун саясий, экономикалык, эмгектик, социалдык, коомдук жана маданий чөйрөлөрүндө өз мүмкүнчүлүктөрүн эркин пайдаланууга мүмкүндүк берет.

**Диагностикалык баалоо** – окуучунун компетенциясынын калыптанышынын улам кийинки жетишкендигин баалоонун калыптануусунун деңгээлин баштапкы аныктоо процесси.

**Долбоордук окутуу** – практикалык же теориялык маанилүү маселелерди чечүүдө жетишиле турган, окуучулардын өз алдынча жана топтук ишин талап кылган, натыйжаларга багытталган мектеп окуучуларынын когнитивдик (таанып-билүү), аффективдик (эмоционалдык-баалуулук) жана жүрүм-турумдук ишмердигин уюштурууну камсыз кылуучу педагогикалык технология.

**Жалпы билим берүү (окуу) программасы** – предметтик стандарттын негизинде иштелип чыккан жана предметтин мазмунун окутуунун темалары, бөлүмдөрү жана мезгилдери боюнча бөлүштүрүлгөн, уюштуруу-педагогикалык шарттарды, анын ичинде болжолдуу календардык-тематикалык пландоону жана окуучулардын жетишкендиктерин баалоонун формаларын жөнгө салган документ.

**Жеке билим берүү траекториясы** – мугалимдердин ата-энелер (мыйзамдуу өкүлдөр) менен бирге өз ара аракеттенүүсүндөгү координациялык, уюштуруучулук, консультациялык ишмердигинде жүзөгө ашырылган ар бир окуучунун тийиштүү жөндөмдүүлүгүнө, мүмкүнчүлүгүнө, жүйөөлөрүнө, таламдарына ылайык жеке билим берүү максаттарын жүзөгө ашыруу боюнча алардын окуу ишинин элементтеринин белгилүү ырааттуулугу.

**Жуурулуштуруу (интеграция) -** бул окуучуларда дүйнөнү бирдиктүү кабылдоону калыптандырууга жана өнүгүүгө багытталган айрым предметтердин, билим берүү багыттарынын, билим берүү процессинин алкагындагы контенттин түзүмдүк компоненттеринин ортосундагы байланыштарды түзүү жана предметтик компетенттүүлүктөрдүн өз ара байланышын камсыздоо процесси.

**Жыйынтыктоочу баалоо –** окуучунун окуу натыйжаларына жетишүү деңгээлин аныктоо үчүн кызмат кылат жана ал баа белги менен көрсөтүлөт. Жыйынтыктоочу баа берүү учурдагы, аралык жана жыйынтыктоочу баа берүүдөн келип чыгат.

**Индикатор/көрсөткүч** – бул бир нерсенин абалын чагылдыруучу же көрсөтүүчү чен, «өлчөгүч аспап». Окуп-үйрөнүүнүн натыйжаларынын көрсөткүчү (индикатору) – окуучунун жүрүм-турумунан байкалуучу, болжолдонгон натыйжага жетишилгендигин далилдөөчү конкреттүү белгилер. Бааланууочу кубулуштун абалын билүү үчүн көмөк көрсөтүүчү конкреттүү мүнөздөмөлөр, сандык маалыматтар, көрсөткүчтөр, өлчөгүчтөр («Кантип, эмненин жардамы менен өлчөөлөрдү жүргүзүүгө болот?» деген суроого жооп берет).

**Инклюзивдик билим берүү** - билим берүү муктаждыктарынын ар түрдүүлүгүн жана жеке мүмкүнчүлүктөрүн эске алуу менен бардык окуучулар үчүн билим алууга бирдей мүмкүнчүлүктү камсыз кылуу.

**Инклюзия –** билим берүүгө киргизүү (кошуу) – айрым окуучулардын ар кандай керектөөлөрүн канааттандыруу үчүн мектептеги маданиятты, саясатты жана практиканы трансформациялоо зарылдыгын таануу, ошондой эле бул мүмкүнчүлүккө тоскоолдук кылган тоскоолдуктарды жоюу милдети; инклюзивдүү мамиле социалдык жана физикалык чөйрөнү өзгөртүүнү камтыйт, ал бардыгы үчүн достук мамиледе жана жеткиликтүү болууга тийиш.

**Инсанга багытталган окутуу (ИБО)** – көңүл борборунда бала турган окутуу; инсанга багытталган окутуу «окуучуну бүтүндөй билим берүү процессинин башкы каарманы катары таануу» дегенди билдирет. Бүтүндөй окуу процесси ушул негизги жобого шайкеш келтирилиши керек (И.С.Якиманский). Окуучунун субъективдүүлүгүн эске алуу менен, окуу процессинин мазмуну да, усулдары (ыкмалары) да, эң башкысы, мугалим менен окуучунун мамилесинин стили да аныкталат. Окуучу окуу процессинде мугалимдин тең укуктуу өнөктөшү деп таанылат. Мында мугалим милдеттүү түрдө өздөштүрүлө турган материалды окуп үйрөнүүгө окуучуну мажбурлабай, анын өзүнчө өсүп жетилиши үчүн эң мыкты (алгылыктуу, жигердүү) шарт түзөт.

**Инсандык мамиле** – педагогдун тарбиялануучуну өзүнүн өсүшү үчүн жоопкерчиликтүүлүгүн аңдап билген инсан, тарбиялык иштин субъекти катары тааныган ырааттуу мамилеси.

**Интерактив** (*анг.* inter – өз ара, act – иш-аракет) – кимдир бирөө менен иштешүү, аңгемелешүү, диалог жүргүзүү кырдаалы. Интерактивдүү усулдар окуучулардын мугалим менен эле эмес, өз ара да кыйла кеңири иштешүүсүнө, окуу процессинде окуучулардын топто, жупта иштешип, демилгелүү болушуна ылайыкталат. Интерактивдүү сабактарда мугалим окуу максатына жетүү үчүн окуучулардын ишмердигин багыттап гана турат.

**Кайтарым байланыш** – иш-аракеттер, кырдаалдар, талаш маселелер жана максатка эң жакшы жол менен жетишүүгө өбөлгө түзүүчү конкреттүү иш-аракеттер жөнүндө түшүндүрмөлөрдү (сын-пикирлерди) кабарлоо жана алуу процесси; окутуу процессинде алынуучу, мугалимге окуучунун жетишүүсүн *формалдуу эмес* баалоо мүмкүндүгүн бере турган маалымат. Кайтарым байланыш окуучунун да билимдеги өз кемчиликтерин көрүшүнө жана аларды четтетишине өбөлгө түзөт; конкреттүү аракеттер, кырдаалдар, талаш маселелер тууралуу комментарийлерди (пикирлерди) алуу процесси. Анда эң аз болгондо эки адам катышат: кайтарым байланышты берүүнү сураган жана кайтарым байланышты берген адам.

**Калыптандыруучу баалоо** – белгилүү бир окуу натыйжасына жетишүү процессинде окуучулардын деңгээли жөнүндө мугалимге маанилүү маалыматты берген окуу процессиндеги баа; кыйынчылык болгон жерде билим берүүнү өркүндөтүү үчүн тарбиячы жана окуучу кийинки кандай кадамдарды жасашы керектиги; мугалим тарабынан окутууну өз убагында жөнгө салуу, пландаштырууга өзгөртүүлөрдү киргизүү, усулдарды тандоо жана жалпы эле окуу процесси, кайтарым байланыш жана дифференциядуу окутуу аркылуу окуучулардын билимин колдоо үчүн колдонулат.

**Коммуникация** – карым-катыш, баарлашуу, маалымат алмашуу.

**Коопсуз билим берүү чөйрөсү** – окутуу шартын камсыз кылган чөйрө, анда окуп жаткандарга таасир эте турган зыяндуу же коркунучтуу факторлор болбойт же алардын таасири аныкталган ченемден ашпайт.

- Физикалык коопсуздук коопсуз имараттарды, курулмаларды, инфраструктураларды, кайтарууну, терроризмден корголгондукту билдирет.
- Экологиялык коопсуздук коопсуз тамактануу, гигиена менен санитария, эмеректердин, жабдуулардын сапаты, турак жайдын ичиндеги микроклимат, жарыктандыруу, жалпы билим берүүчү уюмдардын химиялык булгануу тобокелчилигин жок кылуу маселелерин жөнгө салууну өзүнө камтыйт.
- Психологиялык жана маалыматтык коопсуздукка зомбулуктун бардык түрүн минималдаштыруу, инсандын өнүгүүсүнө шарт түзгөн, толеранттуу чөйрөнү уюштуруу, ошондой эле маалыматтык тобокелчиликтерден коргоо кирет.

**Компетенттүүлүк** – белгилүү бир кырдаалда (окуу, жеке жана кесиптик) билимдин жана ыктын ар кандай элементтерин өз алдынча колдонууга адамдын интеграцияланган жөндөмү.

**Компетенция** – окуучуну (үйрөнүүчүнү) билим алууга даярдоого карата мурдатан коюлган, анын белгилүү бир чөйрөдөгү натыйжалуу үзүрлүү иши үчүн зарыл болгон социалдык талап (ченем).

**Креативдүүлүк** – кырдаалды ар тараптан баалоо, стандарттуу эмес чечимдерди кабыл алуу жана өзгөргөн кырдаалдарда өзүн ишенимдүү сезүү жөндөмү.

**Критерийлер боюнча баалоо** – бул окуучулардын билим жетишкендиктеринин көрсөткүчтөрү так аныкталган, биргелешип иштелип чыккан, мурдатан окуу процессинин бардык катышуучулары үчүн белгилүү болгон, билимдин максаттарына жана мазмунуна шайкеш келген критерийлер менен салыштырып, окуучулардын компетенттүүлүгүн калыптандырууга негизделген баа.

**Көп түрдүүлүк** – коомдо гендердик, этномаданий, курактык, социалдык-экономикалык, диний жана башка параметрлери боюнча айырмаланган түрдүү топтордун болушу.

**Мамлекеттик компонент** – менчигинин формасына карабастан, жалпы билим берүүчү уюмдардын бардык түрү ишке ашыруучу жана милдеттүү түрдө окутуучу мамлекеттик стандарттын, базистик окуу пландын түзүмдүк элементи.

**Мектептик жалпы билим берүү** – бүтүрүүчүнүн коомдо активдүү болушу үчүн жетиштүү, мектептик билим берүүнүн деңгээлдерине ылайык келген билимдерди, көндүмдөрдү, баалуулуктарды жана практикалык көндүмдөрдү камсыз кылуучу билим берүү жана тарбиялоо системасы.

**Мектептик жалпы билим берүүнүн мамлекеттик стандарты** – ченемдик-укуктук документ, ал мектептик жалпы билим берүүнүн бардык баскычтарындагы билим берүүнүн бардык тармактарында белгиленген максаттарды жүзөгө ашырууну камсыз кылат; билим берүү процессин жөнгө салат; улуттук жана жергиликтүү деңгээлдерде билим берүү тутумун өнүктүрүүнү камсыз кылат.

**Мектептик компонент** – окуучулардын керектөөлөрүн жана жөндөмдүүлүгүн эске алуу менен жалпы билим берүү уюму тарабынан аныкталуучу, бардык типтеги жана менчик формасындагы жалпы билим берүү уюмдарында окуу үчүн милдеттүү болгон мектептин жалпы билим берүүсүнүн базистик окуу планынын түзүмдүк элементи.

**Минималдуу каржылоо стандарты** – бул бир окуучуга эсептелген мамлекеттик билим берүү программасынын эң арзан наркы. Жалпы билим берүүчү уюмдарды *бюджеттен каржылоонун минималдуу стандарттары* бир окуучуга жетиштүү каржылоо ченемин жана билим берүү кызматтарынын кымбаттоосуна жараша түзөтүү коэффициенттеринин системасын камтыйт.

**Мониторинг** – адамдын ишмердүүлүгүнө байланыштуу айлана-чөйрөнүн абалына байкоо жүргүзүү, баа коюу жана божомолдоо.

**Мазмундук тилке (линия)** – окуу предметинин мазмунун аныктап турган өзөктүк, тематикалык багыттар.

**Мотивация/ички каалоо** – (*лат.* movere – кыймылга келтирүү, түртүү) инсандын аң-сезим менен түшүнгөн, кыймыл-аракеттерин жана жасай турган ишин тандоодо негиз болгон себеп; талдоо негизинде тынымсыз жүрүп туруучу тандоо менен чечим кабыл алуу процесси; окууга болгон каалоо, иш-аракетке умтулуу; адамдын жүрүм-турумуна, багытына жана жигердүүлүгүнө таасир этүүчү жагдайлардын, анын муктаждыктарынын, умтулууларынын жыйындысы.

**Натыйжалар (билим берүүдө)** – билим алуучулардын инсандык, жарандык жана кесиптик жактан өзүн-өзү аныктоосун ишке ашыруу үчүн зарыл жана жетиштүү болгон жекече компетенттүүлүктөрүнүн топтому.

**Негизги компетенттүүлүктөр** – социалдык, мамлекеттик, кесиптик тапшырыкка ылайык аныкталган, окуу предметтеринин базасында жүзөгө ашырылган жана окуучунун

социалдык тажрыйбасына негизделген көп функциялуулукка ээ болгон жана предметтен жогору турган билим берүүнүн өлчөнүүчү натыйжасы.

**Окуучулардын жетишкендиктери** – окуучулардын белгилүү бир убакыттагы көрсөткүчтөрүнүн салыштырмалуу сандык анализинин жылышы; башталгыч мектепти бүтүрүүчүлөрдүн сандык жана сапаттык маалыматтарынын жакшы жакка өзгөрүүсүнүн динамикасы.

**Окутуу технологиясы** – билим берүүнүн максаттарына жана натыйжаларына жетишүүгө жана өлчөөгө багытталган окуу процессин уюштуруу ыкмаларынын жана методдорунун системасы.

**Өз ара баалоо** – окуучулар өздөрүнүн биргелешкен ишмердигин талдап, бирин-бири баалашат.

**Өзүн өзү баалоо** – бул өзүнүн күчтүү жана начар жактары, мүмкүнчүлүктөрү жана кемчиликтери жөнүндө маалымат чогултууга багытталган процесс; инсандын өзүн-өзү баалоосу, өзүнүн мүмкүнчүлүктөрүн, сапаттарын жана адамдардын арасындагы ордун; инсандын кыймыл-аракетинин бирден-бир күчтүү регулятору. Башкалардын арасында өзүн, өз мүмкүнчүлүктөрүн, сапаттарын, өзүнүн ордун баалоо.

**Предметтик стандарт** – окуу предметинин алкагында окуучулардын жетишкендиктерин, аларга жетүү жана аларды баалоо ыкмаларын жөнгө салган документ.

**Предметтик компетенттүүлүк** – билим берүү натыйжаларынын жыйындысы түрүндө айрым предметтердин материалында аныкталуучу компетенттүүлүк.

**Сынчыл ойлом** – маалыматтардын агымын туура тандай алат, себеп-натыйжа байланыштарын көрө алат, керексиздерин алып салып, жыйынтык жасай алат.

**Туташ эмес текст** – маалымат сөз менен гана берилбеген текст. Текстте бир нече маалымат булагы болот, окуучулар алар менен иштешет. Туташ эмес тексттерде таблицалар, графикалар, схемалар, таяныч конспектилери, окуу китептердеги иллюстрациялар, транспорт кыймылынын расписаниеси, сайттардын карталары, көрсөтмөлөр ж.б. болот.

**Туташ текст** – формулалар, таблицалар, баш темалар, иллюстрациялар жок текст. Алар түрдүү жанрдагы жана түрдөгү тексттер, анын ичинде аңгемелер, ырлар, макалалар, мектеп дил баяндары ж.б.

**Функционалдык сабаттуулук** – окуу процессинде билимдерди, билгичтик жана көндүмдөрдү адамдын ишмердүүлүгүнүн, баарлашуусунун жана коомдук мамилелердин ар кандай чөйрөлөрүндө практикалык жана турмуштук маселелерди кеңири чечүү үчүн колдоно билүү.

# 2-БӨЛҮМ

# ПРЕДМЕТТИН КОНЦЕПЦИЯСЫ

## 2.1. Кыргыз тили жана адабий окуу предметтерин окутуунун максаты жана милдеттери

Кыргыз тили Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тили болуп саналат. Кыргыз тили милдеттүү предмет катары бардык жалпы билим берүүчү, орто кесиптик жана жогорку окуу жайларында окулат. Мамлекеттик тилди билүү орто мектепти аяктаган адамга өз өлкөсүнүн ийгиликтүү жана активдүү жараны болууга мүмкүндүк берет.

Кыргыз тили жана адабий окуу предметтерин окуп-үйрөнүү башталгыч класстын окуучуларынын функционалдык сабаттуулугун, коммуникативдик жана окурмандык компетенттүүлүктөрүн калыптандырууга багытталган. Булар окуу процессинин негизи, окуучулардын ой жүгүртүүсүн, фантазиясын, интеллектуалдык жана чыгармачылык жөндөмдөрүн өнүктүрүүнүн каражаты болуп саналат жана инсанды ар тараптуу тарбиялоого, социалдаштырууга кызмат кылат. Текстти талдоо, системалаштыруу, кайра иштеп чыгуу, окуу ылдамдыгына жетишүү ж.б. талаптар башталгыч класстарда окуу жана түшүнүү көндүмдөрүн өнүктүрүүнү кайра кароону талап кылат. Таанып-билүүнүн жана баарлашуунун куралы катары окуучулардын эне тилин окуп-үйрөнүүсү жана окуу компетенцияларына ээ болуусу башталгыч класстардын башка предметтерин окутуунун эффективдүүлүгүн камсыздайт.

**Предметти окутуунун максаты** – тил системасынын негизги элементтерин өздөштүрүү жана тексттин бардык түрлөрүн аң-сезимдүү окуп/угуп кабыл алуу аркылуу окуучулардын кеп ишмердигинин бардык түрлөрүн өнүктүрүү.

**Милдеттери**:

**Таанып-билүүчүлүк:**

- бул стандартта аныкталган кептик, тилдик жана адабий түшүнүктөрдү жана эрежелерди өздөштүрүүнү камсыз кылуу;
- тилдин жана адабий чыгармалардын кубулуштарын жеке талдоо көндүмдөрүн калыптандыруу;
- кептин ар кандай түрлөрүнүн өзгөчөлүктөрүн жана баарлашуу жагдайын эске алуу менен карым-катыштын (диалог, оозеки монологдук кептер, жазуу тексттери) максаттарын, милдеттерин, каражаттарын жана шарттарын колдоно билүү жөндөмүн өнүктүрүү.

**Жүрүм-турумдук:**

- кеп, тил жана адабият тууралуу билимдерди карым-катыштын түрдүү окуу жана окуудан сырткаркы кырдаалдарында колдонуу, ошондой эле бул стандартта аныкталган түрдүү типтеги жана жанрдагы маалыматтар/тексттер менен иштөө үчүн шарт түзүү;
- адабий окуудан окуучулардын үн чыгарып жана ичинен туура, тез, аң-сезимдүү, көркөм окуу көндүмдөрүнө, көркөм, илимий-популярдуу, туташ жана туташ эмес тексттерди окуп түшүнүү жана өзгөртүүнүн жөнөкөй ыкмаларына ээ болуусун камсыздоо;

- кызыккан адабиятын өз алдынча тандоо; кошумча маалыматтарды алуу жана түшүнүү үчүн маалымдама адабияттарды колдонуу билгичтигин калыптандыруу.

**Баалуулук:**

- окуучуларды бул стандартта белгиленген түрдүү стилдеги жана жанрдагы адабиятты кабыл алуу маданиятына жана окуганы/укканы боюнча оозеки да, жазуу түрүндө да өзүнүн пикирин билдирүү маданиятына үйрөтүү;

- көркөм тексттин каражаттары менен окуучулардын адептик тажрыйбасынын баюусуна; Кыргыз Республикасындагы жана башка өлкөлөрдөгү элдердин маданиятын сыйлоо түшүнүгүнүн калыптануусуна шарт түзүү.

## 2.2. Предметти түзүүнүн методологиясы

Башталгыч класстардагы кыргыз тили жана адабий окуу предметтери сабат ачуу, кеп өстүрүү, кыргыз тили жана адабий окуу курстарынан турат. Сабат ачуу жана кеп өстүрүү Алиппе окуу китеби аркылуу, негизинен, 1-класста ишке ашып, андан кийин 2-3-4-класстарда кыргыз тили жана адабий окуу китептери аркылуу окутулат. Сабат ачуу, кыргыз тили жана адабий окуу сабактары бири-бири менен тыгыз карым-катнашта болуп, алар кеп өстүрүүгө кызмат кылат. Кыргыз тили кенже курактагы баланын кебин өстүрүүнүн грамматикалык аспектилерин камтыса, адабий окуу анын көркөмдүк-адабий, эстетикалык-чыгармачылык, эмоциялык багытын күчөтөт.

1-класста окутуунун мазмуну эки этапка бөлүнөт, биринчи этабы «Алиппеге чейинки мезгил» деп аталуу менен, кеп өстүрүү иштери жүрөт. Анда предметтик-тематикалык, сюжеттик сүрөттөр аркылуу кебин өстүрүү, сөздүк корун байытуу иштери аткарылат, байланыштуу сүйлөөгө машыктырылат, буюмдарды жана нерселерди эне тилинде атап, алардын маанилик-мазмундук байланышын үйрөнүшөт; жазуу дептеринде кол булчуңдарын бекемдөөчү эң жөнөкөй чиймелер (кош чийме, чарчы чийме, буюмдардын элесин берген жазууларга) кол көндүрүү иштери аткарылат.

Экинчи этабы – «Алиппе мезгили» т.а. сабат ачуу деп мүнөздөлөт. Анда окуучулардын кыргыз тилинин тыбыштык түзүлүшү боюнча фонематикалык угуусу калыптанат, тыбыштардын тамга түрүндө жазылышын билишет, тамгаларды адегенде муун, андан соң сөз түрүндө окуп, аларды сүйлөп берүү менен кеп өстүрүү иштери улантылат. Тамгалар жана тыбыштар катышкан буюм жана нерселердин сүрөттөрүн боёп, алардын аттары менен түстөрүн сүйлөп берип, сөз байлыгы өсөт.

Бул иш-аракеттер эң жөнөкөй “Алиппе” окуу китеби, жазуу дептери жана кошумча башка окуу куралдары менен жүзөгө ашат.

2-класста окуучунун фонетикалык кабылдоосун улантып бекемдөө, сабаттуулугун өркүндөтүү жана сөз байлыгын арттыруу аркылуу байланыштуу кебин өнүктүрүү иши –

кыргыз тили, адабий окуу китептери менен ише ашат. Кыргыз тили китебинде кыргыз алфавитин бекемдеп өздөштүрүү аркылуу каллиграфиялык сабаттуулугу системалуу жана биргеликте жүрөт. Ал кезде окуучулардын сүйлөө жана жазуу маданиятына айрыкча маани берилет, т.а. окуучулар кыргызча муунду, сөздү жана сүйлөмдөрдү, бара-бара чакан текстти туура окуу жана туура сүйлөө менен жазууга, эне тилинде так, таза окуп-жазууга, логикалуу сүйлөм түзүп сүйлөөгө басым коюлат. Сүрөт менен иштеп, сүйлөм түзүп айта алууга, окуганынын мазмунун кайра айтып берүүгө жетишет. Кыргызча кеп этикетине машыгышат. Кыргыз тил сабагы боюнча материалдардын негизги максаты кеп өстүрүүгө багыт алуу, аны камсыз кылуу болуп саналат.

Адабий окуу сабагында окуучулар кыргыздын улуттук балдар адабиятынын мыкты үлгүлөрү болгон чакан тексттерди, кенже жанрлардагы чыгармаларды, жөнөкөй публицистикалык маанайдагы тексттерди сабаттуу окууга, окуу техникасына машыгышат, окуганын түшүнүп, мазмунун айтып берүүгө, аларга баа бере алууга, окуянын каарманы менен байланыштырып логикалуу сүйлөп берүүгө, өз оюн чыгармачылык менен билдирүүгө үйрөнүшөт. Окуучулар түрдүү стилдеги (көркөм, публицистикалык, маалыматтык) тексттер боюнча маалыматтарды түшүнүп, сүйлөп берүүгө жатыгат. Окуу жана түшүнүү ыкмасы кеңири колдонулат, сөздүн, сүйлөмдүн тексттеги маанисин, чакан окуяны, анын жалпы мазмунун билишет.

Башталгыч класстарда кыргыз тилин окутуунун жетектөөчү компоненти ишмердиктин ыкмалары болсо, адабий окуунун жетектөөчү компоненти эмоциялуу-баалуулук мамилелеринин тажрыйбасы жана дүйнөнү образдуу кабылдоого үйрөнүү болуп саналат. Кыргыз тили жана адабий окуу сабактары аталган компоненттердин биримдигинен турат.

**Кыргыз тили, адабий окуу предметтеринин ички компоненттери жана функциялары.**

Башталгыч билим берүүнүн мамлекеттик стандартында белгиленген кыргыз тили жана адабий окуу предметтери ички логикалык эки компоненттен туруу менен, кыргыз тили жана адабий окуу болуп окутулат.

Кыргыз тили, адабий окуу окуу сабактары окуучулардын эне тилиндеги сабаттуулугун негиздеп түптөп, аны калыптандырууга жана өнүктүрүүгө кызмат кылат, мисалы, 1-класста:

- кыргыз тилиндеги тыбыштарга карата окуучулардын фонематикалык кабыл алуусу калыптанат;
- тыбыштарды туура айтып, артикуляциялык сабаттуулукка үйрөнүшөт;

- тыбыштын тамга менен белгиленишин үйрөнөт жана тамганын атын, аталышын, окулушун ажыратып билет;

- тыбыштардан муун түзүлөрүн, муундардан сөздөр куралары билишет жана сөздөрдө канча муун болсо жана ички музыкалуулугуна жараша муундарга ажырай турганын оозеки айтып машыгышат;

- тамгаларды жазууга үйрөнүшөт жана тамгалар жөнөкөй түзүлүштөн татаал түзүлүшкө карата, ошону менен бирге, сөз түзүү принцибине ылайык жайгаштырылат;

- сүрөттөр менен иштөө аркылуу сөз түзүп, аларды муунга ажыратып, сүрөттөргө карап чакан сүйлөм түзүүгө үйрөнүшөт;

- сабат ачуу иши үч бөлүккө бөлүнөт, т.а. Алиппеге чейинки, Алиппе мезгили жана Алиппеден кийинки деп аталуу менен, адегенде, тематикалык, предметтик-сюжеттик сүрөттөр менен сүйлөө, машыгуу түрүндөгү оозеки курс түрүндө башталып, чакан окуу жана сөз өстүрүү иши менен 1-класстын окуу материалы жыйынтыкталат.

2-класстан тартып, кыргыз тили жана адабий окуу предмети кыргыз тили, адабий окуу сабактары аркылуу окуп үйрөнүлөт жана окуучулар төмөндөгүдөй көндүмдөргө ээ болушат.

- окуучулардын алфавит боюнча түшүнүгү, каллиграфиялык сабаттуулугу артат, таза, туура жазуу көндүмдөрүнө ээ болот;

- сөздүн лексикалык жана кептеги маанисин билишет, сүйлөм түзүүгө, андан текст түзүүгө машыгышат;

- орфографиялык-пунктуациялык сабаттуулугу калыптанат;

- 4-класстан тартып сөз түркүмдөрү тууралуу алгачкы маалыматтарды алышат;

- кыргыз тилинин тилдик түзүлүшүн сабаттуу үйрөнүшөт жана тилдик компетенттүүлүктөрү калыптанат.

- 2-класстан тартып чакан адабий чыгармаларды окуп-үйрөнүү менен, адабий чыгарманын идеялык маани-маңызын үйрөнөт;

- адабий чыгарманын педагогикалык маани-маңызын билишет, тарбиялык таасир алышат;

- 3-класстан тартып адабий чыгарманын каармандарын талдап үйрөнүшөт, ал аркылуу турмуштагы жаман менен жакшыны ажыратышат;

- 4-класста адабий жанрлар катары ыр, аңгеме, жомок, тамсил деген эмне экенин билишет жана адабий чыгармачыл шык-жөндөмү ойгонот;

- окуучунун окуу техникасы, көркөм, сезимдүү, образдуу жана түшүндүрүп окуу жөндөмү бекемделет;

- адабий чыгармадагы сөздүн таасирин, күчүн, образдуулугун, маани-маңызын билишет жана сөз байлыгы, байланыштуу кеби, кебинин маданияты бекемделет;

- окуучулардын көркөм-эстетикалык керектөөсү түптөлөт, өз алдынча чыгарма жазуу сезим-туюму өркүндөйт.

Демек, мына ушундай иш-аракеттерден улам, башталгыч класстарда кыргыз тили жана адабий окууну окутуу – окуу материалдарын теориялык жактан үйрөнүү менен практикалык жактан сүйлөө, жазуу, ой жүгүртүү көндүмдөрүн калыптандыруунун ортосундагы оптималдуу тең салмактуулукту камсыз кылууга негизделген.

Кыргыз тили жана адабий окууну окутуудагы маанилүү милдеттердин бири – окуучулардын кеп ишмердүүлүгүнүн бардык түрлөрүн өздөштүрүүсү жана аларды түрдүү чөйрөдө туура колдоно билүүсү. Эне тилди окуп-үйрөнүү процессинде окуучулар оозеки жана жазуу жүзүндө (анын ичинде маалыматтык-коммуникациялык каражаттарды колдонуу менен) чыгармачылыгын көрсөтүү мүмкүнчүлүктөрүнө ээ болушат, тилди окуу тапшырмаларын аткаруу үчүн түрдүү булактардан керектүү маалыматты табуу максатында колдонууга үйрөнүшөт.

Мындан тышкары, аталган предметттерди өздөштүрүү окуучунун оозеки жана жазуу кебинин сабаттуулугунун калыптанышын, эне тилинин башка предметтер менен байланышын жана ар кандай функционалдык типтеги тексттерди колдонууну камсыз кылышы керек. Демек, аталган класстарда эне тилин окутууда көңүл өзгөчө окуу сабаттуулугун жогорулатууга багытталган компетенцияларды калыптандырууга, ошондой эле көркөм текстти мазмундуу кабыл алуу жөндөмүнө жана чыгармада окуучулардын жаш курак, гендердик теңчилик, инклюзия жана этномаданий өзгөчөлүктөрүнө өзгөчө көңүл бурулууга тийиш.

Кыргыз тили жана адабий окуу предметтерин окутуу окутуунун жалпы дидактикалык принциптерине негизделет (илимийлүүлүк, ырааттуулук, уланмалуулук, жеткиликтүүлүк, көрсөтмөлүүлүк ж.б.), ошондой эле предметттердин өздөштүрүлүшүнүн мыйзамдарынан келип чыккан белгилүү бир методикалык (предметтик) принциптер да эске алынат (коммуникативдик, когнитивдик, инсанга багытталган окутуу, этномаданият таануу ж.б.).

**Коммуникативдик принцип төмөнкүлөрдү камтыйт:**

- тилдин негизги функциясын түшүнүү жана ишке ашыруу;

- сүйлөшүү тематикаларында жана кырдаалдарында, кеп ишмердүүлүгүнүн бардык түрлөрүндө (окуу, угуу, сүйлөө, жазуу) багытты туура алуу көндүмүн өнүктүрүү (баарлашуучулар менен сүйлөшүүнүн максатын жана натыйжасын түшүнүү, сүйлөшүү кырдаалына жараша өзүнүн кебин көзөмөлдөө жана оңдоп-түзөө);

- ар түрдүү сүйлөшүү системалары менен таанышуу (оозеки, жазуу);

- сүйлөшүү ишмердүүлүгүнүн натыйжасы катары текст жөнүндө түшүнүгүн калыптандыруу;

- окуучулардын ар кандай стилдеги тексттерди түзүүгө болгон каалоосун (муктаждыгын) өнүктүрүү: ишкердик (кат, кулактандыруу, жарыя ж.б.), көркөм (аңгеме, ыр, жомок ж.б.), илимий-таанып-билүүчүлүк мүмкүнчүлүктөрүн арттыруу;

- башкаларды урматтоого, өз ара түшүнүүчүлүккө жана биргелешкен иш-аракеттердин зарылдыгына негизделген сүйлөө этикетинин формаларын жана руханий-адеп-ахлактык стилди колдонуу менен билим берүүчү (мугалим менен балдардын ортосундагы жана балдардын бири-бири менен болгон баарлашуусу) байланышты уюштуруу.

Таанып-билүү (когнитивдик) принциби төмөнкүлөрдү сунуштайт:

- сөз аркылуу тилди адамдын таанып-билүү ишмердүүлүгүнүн эң маанилүү куралы жана дүйнөнү таануу каражаты катары өздөштүрүү;

- предметтин эң маанилүү түшүнүктөрүн баскычтар (окуучунун фонематикалык кабыл алуусун бекемдөө, каллиграфиялык сабаттуулугун калыптандыруу, орфографиялык-пунктуациялык жана стилдик көндүмдөрүн өркүндөтүү, текст талдоо жана текст түзүү аркылуу байланыштуу кебин жана кеп маданиятын өнүктүрүү) боюнча өздөштүрүү;

- эне тилин окутуунун мазмунунун бүтүндүгүн камсыздоочу маданият, адеп сөздөрүн түшүнүү;

- ой жүгүртүү иш-аракеттеринин түзүмүндө (салыштыруу, классификациялоо, системалаштыруу жана жалпылоо) жана жалпы таанып-билүү процессинде анализдөө жана синтездөө процесстерин өздөштүрүү;

- сөздү татаал лингвистикалык (тилдик) белги катары кароо, эне тилинин тилдик системасы тууралуу маалымат алуу.

**Окуунун жана чыгармачылык ишмердүүлүктүн инсанга багытталган принциби төмөнкүлөрдү камтыйт:**

- окуучунун окууга жана окуу аркылуу билим алууга болгон каалоосун ойготуу; маданий-тарыхый баалуулук жана жаңы билимдин булагы катары китепти кабылдоосунун калыптанышы;

- окуучуларды жүрүм-турумдун, достору жана чоң кишилер менен баарлашуусунун руханий, адеп-ахлактык негизин камсыз кылган негизги баалуулуктар менен тааныштыруу жана аларды кабылдоосу;

- эне тилинде сабаттуу жазууга жана сүйлөөгө жатыгуу жана көркөм чыгарма менен иштөө процессинде инсандын чыгармачылык менен өзүн өзү таанытуусу.

**Текстке негизделген окутуу принциби** коммуникативдик маселелерди байланышуу шартында чечүү сүйлөө кырдаалын жана сүйлөө жанрын гана эмес, текст түшүнүгүн да карайт. Окуучу адабий окуу сабагынан төмөнкүлөрдү көрсөтө алат:

- текстти кабыл алуу, аны сабаттуу жаза билүү жөндөмдүүлүгү;
- түшүнүү жана ой жүгүртүү жөндөмдүүлүгү;
- текстти талдоо, түшүндүрүү жана өркүндөтүү жөндөмдүүлүгү;
- өзүнүн чакан текстин түзө билүү жөндөмдүүлүгү;
- тексттин негизинде жаткан логикалык-тематикалык байланыштын планын таба билүү.

Текстке негизделген окутуу принциби текстке багытталган мамилени жүзөгө ашырууну талап кылат. Ал төмөнкү багыттарда ишке ашырылат:

- текст тилди көп функциялуу кубулуш катары таануунун каражаты болуп саналат;
- текст элдин маданияты менен таанышуунун эң маанилүү каражаты болуп саналат;
- эне тилди окуп-үйрөнүү тилдин бирдиги катары тексттин негизинде жүргүзүлөт;
- анын негизинде грамматикалык категорияларды, лингвистикалык кубулуштарды таануу ишке ашат, тилдик түшүнүктөрдүн системасы калыптанат;
- текст тил системасын колдонуунун жыйынтыгы, кептик чыгарма катары эсептелет. Анын негизинде тилди изилдөө жүргүзүлөт, тилдин кызматынын мыйзамдары өздөштүрүлөт;
- текст тилдин оозеки жана жазуу формасын, кептин бардык түрүндө (окуу, түшүнүү, сүйлөө, жазуу) кеп ишмердүүлүгүн өздөштүрүүнүн негизги каражаты катары иштейт. Анын негизинде коммуникативдик компетенттүүлүк калыптанат;
- текст реалдуу баарлашууну ишке ашыруучу кырдаалды түзүүнүн каражаты катары эсептелет.

Ушул принциптин негизинде кыргыз тили жана адабий окуу предметин окуп-үйрөнүү ишмердүүлүк мамилени ишке ашыруу үчүн реалдуу шарттарды түзөт, аны менен бирге предметтин мазмуну окуучуда ачылат, ал үчүн жеткиликтүү жана кызыктуу болот.

**Этномаданият таануу принциби** – тил улуттун өзгөчөлүгүн, өз алдынчалуулугун таануунун каражаты, андыктан, нагыз улуттук түшүнүктөрдү, нарктарды, салттарды, улуттук буюмдарды, кийимдерди, тамак-аштар менен курал-жарактарды эне тили аркылуу таануу (боз үй, калпак, элечек, кымыз, эжигей, түндүк, бешик ж.б.), аны түшүнүү, кебинде колдонуу, тексттер аркылуу талдап үйрөнүү, турмуштагы этномаданий кырдаалдарга, окуяларга, иш-чараларга аралашуу, таанып-билүүсүн дагы да тереңдетүү.

Бул принциптерди ишке ашыруу окуучулардын негизги жана предметтик компетенцияларын калыптандыруу үчүн толук инструменталдык базаны түзүүгө мүмкүндүк берет.

## 2.3. Предметтик компетенттүүлүктөр

Окутуунун практикалык негизин компетенттүүлүк мамиле аныктайт, аны ишке ашыруу башталгыч мектептин окуучуларында негизги жана предметтик компетенттүүлүктөрдү өз ара байланышта калыптандырууга багытталат.

Кыргыз тили жана адабий окуу сабактарында төмөндөгү предметтик компетенттүүлүктөр калыптанууга тийиш. Алар башталгыч билим берүүнүн өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен төмөнкүчө аныкталды:

**Кептик компетенттүүлүк (ПК 1)**:

- эне тилинде таза, так, туура сүйлөөгө жатыгуу;
- эне тилинде пикирин жазып, оозеки түрүндө билдире алуу, маалыматтарды, каттарды жазып, оюн текст түрүнө сабаттуу, байланыштуу жаза алуу;
- сүрөт менен берилген таяныч сөздөр менен текст түзүп, аларды презентациялай алууга жетишүү;
- берилген тааныш темаларга карата оозеки жана жазуу түрүндө чакан текст түзүп класста түшүндүрүү;
- эне тилинде кеп этикетине ээ болуу, сылык таанышып, сылык учурашып, бир нерсени сылык сурап алуу, кечирим суроо, уруксат суроо, натыйжада адептүү баарлашууга үйрөнүү;
- окуучулардын эне тилинин улуттук лексикалык каражаттарын өздөштүрүү, сөз маанисин билүү, түшүнүү, аны сүйлөө процессинде туура, так, орундуу колдоно алуусу (эне тилинде элинин маданиятын, үрп-адатын, нарк-насилин, улуттук буюмдарын, кийимдерин ж.б. так, туура атай билүү ж.б.).

**Тилдик компетенттүүлүк (ПК 2)**:

- эне тилинде сабатын ачуу, сөз байлыгын арттыруу, кыргыз алфавитин билүү, анын тыбыштык курамы тууралуу маалыматтуу болуу, фонематикалык кабыл алуусун бекемдөө;
- орфографиялык-пунктуациялык сабаттуулукка жетишүү, кеп ишмердигинин бардык түрлөрүндө жазуу жана оозеки түрдө көндүмдөргө ээ болуу;
- текст тууралуу, кептин түрлөрү менен стилдери тууралуу маалыматтуу болуу, эне тилинде таза, так, туура сүйлөп, жаза билүүгө жатыгуу;

- эне тилинин тилдик системасы жөнүндө түшүнүк алуу, сөз түркүмдөрү менен таанышуу жана сөз маанилерин билүү, кебинде колдонууга машыгуу.

**Окурмандык компетенттүүлүк (ПК 3)** – бул үн чыгарып жана ичинен туура жана шар окуу, көркөм, илимий-популярдуу жана окуу тексттерин талдоонун жана өзгөртүүнүн элементардык ыкмаларын өздөштүрүү, окуудагы артыкчылык бергендерин билдирүү, окуганынын/укканынын мазмунун түшүнүү үчүн түрдүү булактарды колдонуу, кошумча маалыматтарды алуу жана дүйнө таанымын кеңейтүү жөндөмү.

**Эмоционалдык-баалуулук компетенттүүлүк (ПК 4)** – бул башталгыч мектептин бүтүрүүчүсүнүн кеп ишмердигинин бардык түрлөрүн аң-сезимдүү өздөштүрүү, окуган/уккан кепти түшүнүү, карым-катыштын ар кандай кырдаалында кептик, кептик эмес (мимика, кыймылдар) жана интонациялык каражаттарды колдонуу менен кеп маданиятын сактоо, сөз байлыгын өркүндөтүү жөндөмү, текст тууралуу түшүнүктөрүн бекемдөө. Эң жөнөкөй адабий, публицистикалык жана илимий багыттагы тексттер менен иштей алуу, адабий тектер, жанрлар тууралуу билүү, аңгеме, ыр, жомок жанрларын айырмалай билүү жана алар менен иштей алуу. Булар аркылуу баштапкы адабий билимге ээ болуу.

Бул компетенттүүлүктөрдү калыптандырууда социомаданий баалуулук эске алынат. Социомаданий баалуулукта башталгыч мектептин бүтүрүүчүсү тилдин улуттук-маданий өзгөчөлүгүн эске алуу менен, кептик этикетке ылайык баарлашат, тилдин көп түрдүүлүгүн туура жана урматтоо менен кабыл алат, көп маданияттуу дүйнөдө натыйжалуу өз ара аракеттенет.

Компетенттүүлүктөрдүн калыптануу деңгээли билим берүү натыйжалары менен аныкталат.

### 2.4. Негизги жана предметтик компетенттүүлүктөрдүн өз ара байланышы

Кыргыз тили жана адабий окуу сабактарынын предметтик компетенттүүлүктөрү негизги компетенттүүлүктөрдүн уюткусу болуп саналат да, анын мазмуну окуучуларды интерактивдүү методдорду колдонуп окутуу менен, алардын коммуникативдик иш-аракетин сүйлөө карым-катнашын үзгүлтүксүз байланыштыруу процессин уюштуруу, үлгү тексттерди активдүү окуп билүү менен бирге ар түрдүү жанрда, тематикада өз тексттерин түзүү аркылуу калыптанат.

**Негизги компетенттүүлүктөр**:

1. **Маалыматтык компетенттүүлүк** – окуучулардын өз алдынча издөө, талдоо, тандап алуу, иштеп чыгуу, жүйөлүү тыянактарды түзүү, анын ишенимдүүлүгүн баалоо, сынчыл ой жүгүртүү жана өз ишин пландаштыруу жана ишке ашыруу боюнча негиздүү

чечимдерди кабыл алуу, анын ичинде маалыматтык-коммуникативдик технологияларды колдонуу жөндөмү.

2. **Социалдык-коммуникативдик компетенттүүлүк** – өз умтулууларын башка адамдардын жана социалдык топтордун кызыкчылыктары менен байланыштырууга даярдык, өз көз карашын позициялардын ар түрдүүлүгүн таануунун жана башка адамдардын (диний, этникалык, кесиптик, инсандык) баалуулуктарын урматтоонун негизинде коргоп калууга; көйгөйлөрдү чечүү үчүн керектүү маалыматтарды алуу, аны оозеки жана жазуу жүзүндө берүү, диалог куруу мүмкүнчүлүгү; баарлашууда эмоционалдык интеллектти колдоно жана өркүндөтө билүү;

3. **Өзүн өзү таануу жана көйгөйлөрдү чечүү компетенттүүлүгү** – маалыматта, окуу жана турмуштук жагдайларда карама-каршылыктарды табууга жана ар кандай ыкмаларды пайдалануу менен аларды өз алдынча же башка адамдар менен өз ара аракеттенүү менен чечүүгө, ошондой эле андан аркы аракеттер жөнүндө чечимдерди кабыл алууга болгон даярдык.

**Негизги жана предметтик компетенттүүлүктөрдүн өз ара байланыш таблицасы**

**1-таблица**

| **Негизги компетенттүү-лүктөр / Маалыматтык (НК 1)** | **Предметтик компетенттүүлүктөр** | | | |
|---|---|---|---|---|
| | **Кептик (ПК 1)** | **Тилдик (ПК 2)** | **Окурмандык (ПК 3)** | **Эмоционалдык-баалуулук компетенттүүлүгү (ПК 4)** |
| **- текст, маалыматты өз алдынча издөө, тандап алуу, кайра иштеп чыгуу;**<br>**- аргументтүү жыйынтык чыгарууну калыптандыруу;**<br>**- маалыматтын тактыгын баалоо;**<br>**- өз иш-аракетин пландаштырып ишке ашырууда сынчыл ой жүгүртүп, туура жыйынтык чыгара алуу, ошону менен бирге коммуникациялык технологияны** | - коммуникативдик максатка ылайык баарлашуунун ар түрдүү кырдаалында кептик жана кептик эмес каражаттар менен интонация каражаттарын, этикет сөздөрдү жана фразаларды туура тандап алуу, колдоно билүү;<br>- окутуунун кептик кырдаалдарынын чегинде өз оюн туура, далилдүү айта билүү;<br>- белгилүү кептик кырдаалга карата коммуникативдик максатты пландаштыруу жана ишке ашыруу, ошондой эле | - адабий тилдин нормасына ылайык окулган тил каражаттарын табуу, анализдөө, ошондой эле МКТны колдонуу;<br>- тандалган жазуу эрежелери менен тыныш белгилерди далилдөө;<br>- алдын ала иштелип чыккан план боюнча өзүнүн чакан текстин (эссе, дил баян) түзүү, экинчи иретте баяндаманын текстерин түзө билүү. | - окуган же уккан материалдарды түшүнүү үчүн ар түрдүү булактарды издеп, анализдеп тандоо;<br>- окулган же уккан текст боюнча өз оюн айта билүү жана ИКТны колдонуу;<br>- илимий популярдуу, адабий жана көркөм тексттерди анализдөөчү элементардык ыкмаларды билүү;<br>- китеп менен иштөөдө билгичтикти жана көндүмдөрдү колдонуу;<br>- текстке карата өз алдынча суроолорду түзүү;<br>- тексттен алган маалыматын кайра иштеп чыгуу жана ал тууралуу сүйлөп берүү жана жазуу;<br>- берилген суроолорго | - окуган/уккан кепти түшүнүү, ал боюнча суроолорго жооп берүү;<br>- карым-катыштын ар кандай кырдаалында кептик, кептик эмес (мимика, кыймылдар) жана интонациялык каражаттарын колдонуу менен кеп маданиятын сактоо, сөз байлыгын өркүндөтүү;<br>- текст тууралуу түшүнүктөргө ээ болуу, окшош тексттерди салыштыруу жана мүнөздөө;<br>- адабий тектер, жанрлар тууралуу билүү, аңгеме, ыр, жомок жанрларын айырмалай билүү жана алар менен иштей алуу;<br>Окуган тексттерге карата эмоциясын, сезимдерин |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| **колдоно билүү.** | маалыматтык коммуникативдик технологияларды (МКТ) колдоно билүү;<br>- кыргыз тили – эне тили, анын маанилүү экендиги тууралуу пикирин билдирүү;<br>- улуттук лексикалык каражаттардын (калпак, элечек, түндүк, кымыз, боз үй, бешик ж.б.) маанилерин билүү, түшүнүү. | | тексттин окуяларын байланыштыруу менен жооп берүү;<br>- чыгарманын окуясын чыгармачылык менен өз сөзү аркылуу сүйлөп берүү. | билдирүү жана аларга баа берүү. |
| **Социалдык-коммуникативдик (НК 2)** | **Предметтик компетенттүүлүктөр** | | | |
| | **Кептик (ПК 1)** | **Тилдик (ПК 2)** | **Окурмандык (ПК 3)** | **Эмоционалдык-баалуулук компетенттүүлүгү (ПК 4)** |
| - өз ой-максаттарынын башкалардын кызыкчылыктары менен дал келүүсүнө даяр болуу;<br>- көп маданияттуу дүйнөдө эффективдүү карым-катнашка үйрөнүү;<br>- башкалардын (диний, этникалык, гендердик) | - баарлашуунун ар түрдүү кырдаалында сүйлөө маданиятын колдонууга даяр болуу, сүйлөө этикетинин нормаларына ылайык диалог жүргүзүүгө даярдык;<br>- проблемаларды чечүү үчүн диалог түзүү, андан керектүү маалымат алуу менен оозеки жана жазуу | - коммуникативдик максаттарды жана ага ылайык окулган тил каражаттарын (сөздөр, алардын формалары, синтаксисттик талдоолор) билип колдонууга даярдык. | - окуп билгенди турмуш менен салыштырууга даяр болуу;<br>- окуп билүү позициясынын ар түрдүүлүгүн кабыл алып, түрдүү маданияттын баалуулугун сыйлоо менен баалоо;<br>- башкалардын пикирлерин сыйлоо менен өз оюн жеткиликтүү айтуу;<br>- чыгарманын окуяларына, каармандарына, алардын иш-аракеттерине баа берүү | - кеп ишмердигинин бардык түрлөрүн колдонуу жана аларга жалпысынан мүнөздөмө берүү,<br>- окуган/уккандары боюнча өз пикирин билдирүү;<br>- карым-катыштын ар кандай кырдаалында интонация каражаттарын колдонуу;<br>- сөз байлыгын өстүрүү жана кебинде колдонуу;<br>- жанрларды айырмалай билүү. |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| баалуулуктарын сыйлоо аркылуу өз оюн так билдирүү;<br>- диалог түзө алуу, аны оозеки жана жазуу формаларында колдоно билүү;<br>- баарлашууда эмоционалдык интеллектти колдоно алуу;<br>- окуу долбоору, окуп-изилдөө ишмердүүлүгүн ишке ашыруу үчүн топто иштей билүү. | түрүндө бере алуу;<br>- эне тилинде таза сүйлөө;<br>- жашаган, окуган чөйрөлөрүндө улуттук маданий иш-чараларга катышуу;<br>- лексикалык каражаттарды колдонуп сүйлөөгө үйрөнүү. | | аркылуу башкалар менен диалогго баруу;<br>- жекече, жупта, топтук иштерде чыгармачылык менен иштей алуу. | |
| **Өзүн өзү таануу жана көйгөйлөрдү чече билүү (НК 3)** | **Предметтик компетенттүүлүктөр** | | | |
| | **Кептик (ПК 1)** | **Тилдик (ПК 2)** | **Окурмандык (ПК 3)** | **Эмоционалдык-баалуулук компетенттүүлүгү (ПК 4)** |
| **- маалыматтагы окутуу жана турмуштук кырдаалдарга байланыштуу көйгөйлөрдү жана келишпестиктерди көрө билүү** | - байланыштын окуу жана турмуштук кырдаалдарында көйгөйдү көрө билүү, аларды сынчыл ойлом менен, биргелешип иштөө аркылуу чечүү жөндөмдүүлүгү; | - өз тексттеринде жана классташтардын тексттеринде грамматикалык жана мааниси боюнча каталарды таба билүү;<br>- сынчыл ой жүгүртүү көндүмдөрүн колдонуу | - окуган материалдан көйгөйдү көрсөтө алуу;<br>- өзү үчүн окурмандыктын биргелешип таанып-билүү максатын коё билүү жана биргелешип иштөөнү колдоо;<br>- суроолорго жооп берүү жана | - окуган/уккан текстин түшүнүү, турмуштук түрдүү кырдаалдар менен байланыштыруу жана ага карата пикирин билдирүү;<br>- кептик / кептик эмес (мимика, кыймылдар) жана интонациялык каражаттарды колдонуу менен кеп |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| **жөндөмдүүлүгү;**<br>**- аларды өз алдынча пландаштырып чече билүү же болбосо сынчыл ойлом менен анализдөө жөндөмдүүлүктөрүн колдонуп, башка бирөөлөр менен биргелешип чечүү.** | - элдик-маданий лексикалык каражаттарды туура, так колдонууга үйрөнүү;<br>- улуттук-патриоттук сезим-туюмдарга ээ болуу;<br>- өзүнүн иш-аракетин талдоо жана баа берүү. | менен башкалардын оюн сыйлоо аркылуу тексттерди өз алдынча же башка бирөөлөр менен оңдоп-түзөө, редакциялоо. | текстке карата өз алдынча суроолорду түзүү;<br>- чыгармачыл иштерди (эссе, дил баян) аткаруу;<br>- өз алдынча, жуптарда жана топтордо чакан тексттерди түзүү. | маданиятын сактоо жана ага кандайча жетишкендигин түшүндүрүп берүү.<br>- баштапкы адабий билимге ээ болуу жана кырдаалга жараша аларды колдонуу. |

## 2.5. Мазмундук тилкелер. Окуу материалдарын мазмундук тилкелер жана класстар боюнча бөлүштүрүү

Кыргыз тили жана адабий окуу предметинин мазмуну, коммуникативдик-ишмердүүлүк мамилеге ылайык негизги жана предметтик компетентүүлүктөрдү калыптандыруучу Кеп жана баарлашуу, Тил системасынын элементтери, Баштапкы адабий билим деген 3 мазмундук тилкеге топтолгон.

**1-мазмундук тилке. Кеп жана баарлашуу.**

Мазмундук тилке тилдик, адабияттык материалдардын мазмунун өздөштүрүүгө жана аны сүйлөө практикасында активдүү колдонууга негизделген кеп ишмердүүлүгүнүн түрлөрү (угуу, сүйлөө, окуу жана жазуу) боюнча өз ара байланышкан окутууну камсыз кылат. Натыйжада оозеки жана жазуу кебинин номинативдүү, коммуникативдик, когнитивдик, эмоционалдык жана экспрессивдүү функциялары ишке ашат.

**2-мазмундук тилке. Тил системасынын элементтери.**

Мазмундук тилке тил системасынын элементтери менен тааныштырат жана тил илиминин фонетика, орфография, лексика, морфология, орфография, элементардык синтаксис жана пунктуация бөлүмдөрүнүн негизги түшүнүктөрүн камтыйт. Мазмундук тилке мектеп окуучуларында тилди таанып-билүүнүн жана баарлашуунун куралы катары колдонуунун баштапкы көндүмдөрүн калыптандырууга багытталган.

**3-мазмундук тилке. Баштапкы адабий билим берүү.**

Мазмундук тилке алгачкы адабий терминдерди жана түшүнүктөрдү өздөштүрүүнү камсыздайт, окуучуларды балдар классикалык адабиятынын тексттери менен тааныштырат, окурмандык ой жүгүртүүсүн кеңейтет. Мазмундук тилке окуучулардын адабиятка жана окууга болгон кызыгуусуна, кабылдоосуна жана көркөм текстти талдоодо баштапкы көндүмдөрдү өнүктүрүүгө багытталган.

Көрсөтүлгөн мазмундук тилкелердеги концентрация принциби боюнча киргизилген, башкача айтканда, ар бир кийинки класста ошол эле тема мурункусуна караганда тереңирээк жана кеңири изилденет. Окуу материалын берүүдө кыйынчылыктардын бара-бара өсүшү, буга чейин изилденген нерсеге дайыма кайтып келүү, бирок жаңы негизде окуучулардын сүйлөө практикасынын туруктуу байышына өбөлгө түзөт. Тилдин бардык деңгээлдеринде жана сүйлөө ишмердүүлүгүнүн түрлөрүндө комплекстүү окутуу машыктыруучу, баалуулукка негизделген окуу тексттерине, кеп өстүрүү үчүн көнүгүүлөргө негизделген.

**Окуу материалдарынын класстар жана мазмундук тилкелер боюнча бөлүштүрүлүшү**

**2-таблица**

| Мазмундук тилке | Аспектилер | 1-класс | 2-класс | 3-класс | 4-класс |
|---|---|---|---|---|---|
| **1. Кеп жана баарлашуу** | **Угуу жана сүйлөө** | Тыбыштык кабыл алуу.<br>Окуу жана күнүмдүк баарлашуу кырдаалдарындагы билдирүүлөрдү, жөнөкөй чакан тексттерди угуу аркылуу кабыл алуу жана түшүнүү. | Ар кандай сүйлөшүү кырдаалдарындагы билдирүүлөрдү, ошондой эле үйрөнүлгөн жанрлардагы кичинекей тексттерди угуу аркылуу кабыл алуу. | Сүйлөшүү кырдаалдарындагы билдирүүлөрдү, ошондой эле үйрөнүлгөн жанрлардагы тиешелүү көлөмдөгү тексттерди угуу аркылуу аң- сезимдүү кабыл алуу. | Окуу процессиндеги дискуссияларда билдирүүлөрдү түшүнүү жана сынчыл кабыл алуу, ошондой эле үйрөнүлгөн жанрлардагы тиешелүү көлөмдөгү тексттерди угуу аркылуу кабыл алуу. |
| | | Жаңыдан үйрөнгөн сөздөрүн туура айтуу жана сүйлөө. | Жаңы сөздөрдү туура айтуу жана сүйлөөнүн тиешелүү интонациясын сактоо. | Тиешелүү сандагы жаңы сөздөрдүн орфоэпиялык нормалары жана сүйлөөнүн тиешелүү интонациясы. | Тиешелүү сандагы жаңы сөздөрдүн орфоэпиялык нормалары жана сүйлөөнүн тиешелүү интонациясы. |
| | | Чакан ырларды угуу жана жатка айтуу. | Чакан ырларды жатка айтуу, тандап кайра айтып берүү. | Тиешелүү көлөмдөгү ырларды майда-баратына чейин жана кыска, тандалма кайра айтып берүү. | Тиешелүү көлөмдөгү ырларды майда-баратына чейин толук жана кыска, чыгармачылык менен кайра айтып берүү. |
| | | Окуу жана күнүмдүк баарлашуу кырдаалдарында кеп адеби же сүйлөө этикети (саламдашуу, коштошуу, кечирим суроо, суроо берүү). | Окуу жана күнүмдүк баарлашуу кырдаалдарында кеп адеби же сүйлөө этикети (саламдашуу, коштошуу, кечирим суроо, ыраазычылык билдирүү, өтүнүч менен кайрылуу). | Окуу жана күнүмдүк баарлашуу кырдаалдарындагы кеп адеби.<br>SMS, e-mail, мессенджер, социалдык тармак жана башка байланыш каражаттары аркылуу баарлашууда кеп адебинин ченемдери. | SMS, e-mail, мессенджер, социалдык тармак жана башка байланыш каражаттары аркылуу баарлашууда кеп адебинин ченемдери. |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | Оюндар, сабактар, байкоолору ж.б жөнүндө оозеки өздүк аңгемелери (3-5 сүйлөм). | Оюндар, сабактар, байкоолор ж.б жөнүндө оозеки өздүк аңгемелери, жекече ойлору. | Оюндар, сабактар, байкоолор ж.б жөнүндө оозеки өздүк аңгемелери. Өз ара маектешүүдө жекече ойлору жана көз караштары. | Оюндар, сабактар, байкоолор ж.б жөнүндө кыскача жана кеңири оозеки аңгемелери. Өз ара маектешүүдөгү, талашып-тартышуудагы жекече ойлору жана көз караштары. |
| | **Окуу, жазуу** | Үн чыгарып жана купуя туура, шар окуу (муундап, бүтүн сөздөрдү, сүйлөмдөрдү жана тиешелүү көлөмдөгү текстти). Сүйлөмдүн аягындагы интонацияны эске алуу. | Түшүнүү менен үн чыгарып жана купуя туура, шар окуу (сүйлөмдөрдү жана тиешелүү көлөмдөгү текстти). Окулган тексттердин өзгөчөлүктөрүнө ылайык интонацияны сактоо. | Тиешелүү көлөмдөгү текстти түшүнүү менен үн чыгарып жана купуя туура, окуу ылдамдыгынын ченемине ылайык шар, көркөм окуу. Окулган тексттердин өзгөчөлүктөрүнө ылайык интонацияны сактоо. | Тиешелүү көлөмдөгү текстти түшүнүү менен үн чыгарып жана купуя туура, окуу ылдамдыгынын ченемине ылайык шар, көркөм окуу. Окулган тексттердин өзгөчөлүктөрүнө ылайык интонацияны сактоо. |
| | | 20 сөзгө чейинки көлөмдөгү кыска сүйлөмдөрдү же тексттерди көчүрүп жазуу жана угуу менен жазуу. | 40 сөзгө чейинки көлөмдөгү кыска сүйлөмдөрдү же тексттерди көчүрүп жана угуу менен жазуу. | 60 сөзгө чейинки көлөмдөгү кыска сүйлөмдөрдү же тексттерди көчүрүп жана угуу менен жазуу. | 80 сөзгө чейинки көлөмдөгү сүйлөмдөрдү же тексттерди көчүрүп жана угуу менен жазуу. |
| | | | Жазуу түрүндөгү баяндоо (тексттердин түрлөрү, баяндоо, сүрөттөө). Сүрөттөө элементтери менен баяндоо. | Дил баян элементтери менен жазуу түрүндөгү баяндоо (толук, тандама). Баяндоо тексттинин түрлөрү, ой жүгүртүү элементтери менен сүрөттөө. | Дил баян элементтери менен жазуу жүзүндө баяндоо (кыскача, толук, тандама). Дил баян. Тексттин типтери: сүрөттөө, баяндоо, ой толгоо. |
| **2. Тил системасы-нын элементтери** | **Фонетика, графика** | Алфавит. Кеп, тыбыштар. Тыбыштар жана тамгалар. Үндүүлөр жана | Алфавит. Жумшак жана каткалаң үнсүз тыбыштар. Йоттошкон тамгалар: е, ё, ю, я. | Тыбыштардын алмашуусу жана түшүп калышы. Басым. Сөзгө фонетикалык талдоо. | Сөз ортосундагы жумшак жана каткалаң үнсүздөр катышкан сөздөр. Басым. |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | үнсүздөр. Каткалаң жана жумшак үнсүздөр. Кыска жана созулма үндүүлөр. Йоттошкон тамгалары. Сөздөрдү муундарга бөлүү. Басым. | Басым. Сөзгө фонетикалык талдоо. | | Сөзгө фонетикалык талдоо. |
| | **Орфография** | Жазылышы менен айтылышы дал келбеген сөздөр. Катар үнсүздөр кездешкен сөздөр (сабакка, керекке). Сүйлөм башындагы баш тамга. Энчилүү аттар. Сөздөрдү ташымалдоо. ъ, ь белгилери катышкан сөздөр. Сөздөгү үндүүлөр жана үнсүздөр. Сөздүк сөздөр (минимумга ылайык). | Сөздөрдү ташымалдоо. Катар үнсүздөр кездешкен сөздөр (сабакка, керекке). ь, ъ белгилери катышкан сөздөр. Түгөйлүү, түгөйсүз үнсүздөр. Сөздүк сөздөр (минимумга ылайык). | Катар үнсүздөр кездешкен сөздөр (сабакка, керекке). Ъ, ь белгилери катышкан сөздөр. Йоттошкон тамгалар катышкан сөздөр. Сөздүк сөздөр (минимумга ылайык). | Ъ, ь белгилери катышкан сөздөр.<br><br>Йоттошкон тамгалар катышкан сөздөр. |
| | **Лексика (сөз байлыгы)** | Сөздөрдүн лексикалык мааниси. Бир маанилүү жана көп маанилүү сөздөр, синонимдер, антонимдер жана омонимдер | Сөздүктөр жана маалымдамалар (справочниктер) менен иштөө. Сөздөрдүн лексикалык мааниси. Бир маанилүү жана көп | Сөздөрдүн лексикалык мааниси, сөздүн контексттеги мааниси. Сөздүктөр жана маалымдамалар менен иштөөдөгү алфавит. Сөздөрдүн түз жана өтмө | Сөздөрдүн мааниси. Жекелик жана көптүк сандагы сөздөр. Бир маанилүү, көп маанилүү сөздөр. Сөздөрдүн түз жана каймана мааниси. |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | (терминологияны киргизбестен таанышуу).<br>Сөздүн контексттеги мааниси же түшүндүрмө сөздүктү колдонуу менен маанисин тактоо. | маанилүү сөздөр.<br>Сөздөрдүн түз жана өтмө мааниси.<br>Синонимдер, антонимдер, омонимдер.<br>Эскирген сөздөр.<br>Фразеологизмдер. | мааниси.<br>Синонимдер, антонимдер, омонимдер.<br>Эскирген сөздөр.<br>Фразеологизмдер. | Сөздүктөр жана маалымдамалар.<br>Синонимдер.<br>Антонимдер.<br>Омонимдер.<br>Сөздүк сөздөр. |
| | **Морфология** | Предметтин аталышын билдирген сөздөр: жандуу жана жансыз заттар, жалпы жана энчилүү аттар; жекелик жана көптүк сандагы заттар;<br>Предметтин белгиси, Объекттин атрибуту, предметтин иш-аракети. | Уңгулаш сөздөр. Сөздүн уңгусу. Бир уңгулуу сөздөр жана бир эле сөздүн ар кандай формалары.<br>Өзгөрүлмө жана өзгөрүлбөс сөздөр. Мүчө.<br>Сөз мүчөлөрүн колдонуп, формасын өзгөртүү.<br>Сөздүн уңгусу.<br>Сөз түркүмдөрү (зат атооч, сын атооч, этиш).<br>Жекелик жана таандык ат атоочтор. | Уңгу жана мүчө.<br>Бир уңгулуу сөздөр жана бир эле сөздүн ар кандай формалары.<br>Сөздүн курамы боюнча талдоо.<br>Сөз түркүмдөрү (зат атооч, сын атооч, ат атооч, этиш).<br>Кызматчы сөздөр. | Уңгу жана мүчө. Сөз жасоо жолдору. Татаал сөздөрдү жасоо. Сөздүн курамы боюнча талдоо жана сөз жасалышы боюнча талдоо.<br>Сөз түркүмдөрү (зат атооч, сын атооч, ат атооч, тактооч, этиш), кызматчы сөздөр (байламта, бөлүкчө, жандооч).<br>Зат жана ат атоочтордун белгилери, морфологиялык талдоо. |
| | **Синтаксис** | Сүйлөмдөгү сөздөрдүн айкалышы.<br>Сөз жана жөнөкөй сүйлөм.<br>Жөнөкөй сүйлөмдүн чектери.<br>Сүйлөмдүн баш мүчөлөрү. | Сөз – сөз айкашы – жөнөкөй сүйлөмдөр.<br>Сүйлөмдүн негиздери (ээ, баяндооч).<br>Сүйлөмдүн айтылыш максатына карай бөлүнүшү: жай, суроолуу, буйрук, илептүү. | Сөз айкашы: негизги жана багыныңкы сөздөр.<br>Сүйлөмдүн айтылыш максатына карай бөлүнүшү: жай, суроолуу, буйрук, илептүү.<br>Жөнөкөй сүйлөм: баш жана айкындоочу мүчөлөр.<br>Сүйлөмдүн бир өңчөй мүчөлөрү. | Сөз айкашы: негизги жана багыныңкы сөздөр.<br>Жөнөкөй жана татаал сүйлөмдөр.<br>Бир өңчөй мүчөлүү сүйлөм (байламталуу жана байламтасыз).<br>Жана, бирок байламталары аркылуу байланышкан бир өңчөй мүчөлүү сүйлөмдөр.<br>Тике сөз (таанышуу). |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | | | | Диалог (тааныштыруу). |
| | **Пунктуация** | Сүйлөмдүн аягында коюлуучу тыныш белгилер. | Сүйлөмдүн аягындагы тыныш белгилер. | Сүйлөмдүн аягындагы тыныш белгилер.<br>Байламтасыз бир өңчөй мүчөлүү сүйлөмдөрдө үтүрдүн коюлушу. | Байламтасыз, жана, менен, бирок сыяктуу байламталуу бир өңчөй мүчөлүү сүйлөмдөрдө үтүрдүн коюлушу.<br>Татаал сүйлөмдөрдө үтүрдүн коюлушу (чейин, бирок, эмне, эмне үчүн, анткени, кайсы) (тааныштыруу максатында).<br>Тике сүйлөмдөгү тыныш белгилер (киришүү).<br>Диалогдордо тыныш белгилердин коюлушу (киришүү). |
| **3. Баштапкы адабий билим берүү** | **Мазмунду жана форманы түшүнүү. Көркөм текстти талдоонун жөнөкөй көндүмдөрү** | Жомоктор.<br>Жаңылмачтар.<br>Макал-лакаптар.<br>Табышмактар.<br>Уламыштар.<br>Тамсилдер. Чакан окуялар.<br>Жаш курагына ылайыктуу кыска илимий жана таанып-билүү текстери. | Жомоктор. Жаңылмачтар.<br>Макал-лакаптар.<br>Табышмактар.<br>Уламыштар. Тамсилдер.<br>Чакан окуялар.<br>Жаш курагына ылайыктуу кыска илимий жана таанып-билүү текстери. | Жомоктор. Жаңылмачтар.<br>Макал-лакаптар.<br>Табышмактар. Уламыштар.<br>Тамсилдер. Аңгемелер.<br>Жомок, аңгеме, ыр, тамсилдердин жанрдык өзгөчөлүктөрү.<br>Жаш курагына ылайыктуу кыска илимий жана таанып-билүү текстери. | Жомоктор. Жаңылмачтар.<br>Макал-лакаптар.<br>Табышмактар. Уламыштар.<br>Тамсилдер. Аңгемелер.<br>Жомок, аңгеме, ыр, тамсил, миф, пьеса, уламыштардын жанрдык өзгөчөлүктөрү.<br>Жаш курагына ылайыктуу кыска илимий жана таанып-билүү текстери. |
| | | Жаш курагына ылайыктуу кыска илимий жана таанып-билүү текстерин түшүнүү (эмне? кайда? качан? кантип?) жана | Жаш курагына ылайыктуу кыска илимий жана таанып-билүү текстерин түшүнүү (эмне? кайда? качан? кантип?) жана маанисине жараша түшүнүү (эмне үчүн? | Жаш курагына ылайыктуу кыска илимий жана таанып-билүү текстерин түшүнүү (эмне? кайда? качан? кантип?) жана маанисине жараша түшүнүү (эмне үчүн? эмнеге?). | Жаш курагына ылайыктуу кыска илимий жана таанып-билүү текстерин түшүнүү (эмне? кайда? качан? кантип?) жана маанисине жараша түшүнүү (эмне үчүн? эмнеге?). |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | маанисине жараша түшүнүү (эмне үчүн? эмнеге?) . | эмнеге?). | | |
| | **Көркөм текстти талдоонун жөнөкөй көндүмдөрү** | Тексттин мазмунун аталышы боюнча алдын ала айтуу | Тексттин мазмунун аталышы боюнча окуянын башталышы боюнча алдын ала айтуу | Тексттин мазмунун аталышы боюнча окуянын башталышы, айрым абзацтар боюнча алдын ала айтуу | Тексттин мазмунун аталышы боюнча окуянын башталышы, айрым абзацтар, түйүндүү сөздөр боюнча алдын ала айтуу |
| | | Чыгарманын сюжети. Каармандардын өзгөчөлүктөрү. Автордун позициясын түшүнүү. | Чыгарманын сюжети. Каармандардын өзгөчөлүктөрү. Автордун позициясын түшүнүү. | Чыгарманын сюжети. Каармандардын өзгөчөлүктөрү. Автордун позициясын түшүнүү. | Чыгарманын сюжети. Каармандардын өзгөчөлүктөрү. Автордун позициясын түшүнүү. |
| | **Көркөм жана экспрессив-дүү каражаттар** | Эпитеттер, салыштыруу. Тематикалык тилкелерге ылайык сөз байлыгын өстүрүү. | Эпитеттер, салыштыруу, окшоштуруу. Тематикалык линияларга ылайык сөз байлыгын өстүрүү. | Эпитеттер, салыштыруу, окшоштуруу. Тематикалык линияларга ылайык сөз байлыгын өстүрүү. | Көркөм сөз каражаттары: эпитеттер, салыштыруулар, окшоштуруу, метафора, ирония. Юмор. Тематикалык линияларга ылайык сөз байлыгын өстүрүү. |
| | **Мазмунду жана форманы түшүнүү** | Тема. Тексттин аталышы. Тексттеги негизги ой. Тексттин планы. | Тема. Тексттин аталышы. Тексттеги негизги ой. Абзацтар. Тексттин түзүлүшү. Тексттин планы. Тексттин түрлөрү: сүрөттөө, баяндоо, алардын өзгөчөлүктөрү. Сүрөттөө элементтери менен баяндоо. | Тема. Тексттин аталышы. Тексттеги негизги ой. Абзацтар. Тексттин түзүлүшү. Тексттин планы. Тексттин түрлөрү: сүрөттөө, баяндоо, алардын өзгөчөлүктөрү. Сүрөттөө элементтери менен баяндоо. Ой толгоо, анын өзгөчөлүктөрү. | Тема. Тексттин аталышы. Тексттеги негизги ой. Абзацтар. Тексттин түзүлүшү. Тексттин планы. Тексттин түрлөрү: сүрөттөө, баяндоо, алардын өзгөчөлүктөрү. Сүрөттөө элементтери менен баяндоо. Ой толгоо, анын өзгөчөлүктөрү. |

## 2.6. Предмет аралык байланыш. Өтмө тематикалык тилкелер

Башталгыч мектептин окуучусунун дүйнөсүнүн бүтүн картинасынын негиздерин калыптандыруу – бардык предметтердин жалпы милдети. Предметтерди бир бүтүндүккө жуурулуштуруу башталгыч мектеп үчүн абдан маанилүү жана натыйжалуу. Окуу стратегиясы катары жуурулуштуруу окуучуларга окуп-үйрөнгөндөрүн бир бүтүндүккө байланыштырганга мүмкүнчүлүк түзөт, б.а. жаңы билимдерди мурда билгендери менен байланыштырганга окуучуларга жардам берет.

**Тил жана окуу**

Башталгыч мектепте предмет аралык байланыштын (кыргыз тили жана адабий окуу, математика, мен жана дүйнө, көркөм өнөр, дене тарбия ж.б.) 4 тиби ишке ашырылышы мүмкүн:

- **Мазмундук:** фактылар, түшүнүктөр, мыйзамдар, теориялар боюнча.
- **Операциялык:** калыптануучу көндүмдөр, билгичтиктер жана ой жүгүртүү операциялары (анализ жана синтез, салыштыруу, абстракташтыруу, конкреттештирүү, жалпылоо, классификациялоо) боюнча.
- **Методикалык:** педагогикалык методдорду жана ыкмаларды колдонуу боюнча: ишмердиктин тиби боюнча ар түрдүү тапшырмалар: сөз менен иштөө, көрсөтмөлүү, изилдөөчү; жалпыланган окуу материалдары менен комплектүү көрсөтмө материалдар жана издөө, талдоо жана натыйжаларды аныктоо боюнча аларга карата тапшырмалар; байкоо жүргүзүүнүн, экскурсиянын натыйжасындагы предметтер аралык мүнөздөгү практикалык жана долбоордук иштердеги чыгармачыл тапшырмалар.
- **Уюштуруучулук:** окутуу процессин интерактивдүү түрдө (жекече, жуп менен, чакан топто) уюштуруу формасы жана ыкмалары боюнча.

Кыргыз тил жана адабий окуу предметинин башталгыч класстардагы башка предметтер менен байланышы окутуу менен тарбиялоого карата комплекстүү мамилени билдирет.

**Предмет аралык байланыш**

**3-таблица**

| Кыргыз тили жана адабий окуу | Математика | Мен жана дүйнө | Көркөм өнөр | Дене тарбия |
|---|---|---|---|---|
| Текстке кызыгуу ишке ашат, сунушталган текст (өзгөртүлгөн, бүтпөгөн, бөлүктөрү, сүйлөмдөрү, сөздөрү калтырылып кеткен ж.б.) талданат, | Тексттик маселелер менен иш алып барылат.<br>Маселелер талданат, маселени чечүү үчүн тигил же бул иш-аракетти тандоого чейин маалымат менен | Тексттер жана иллюстрациялык материалдар менен иш алып барылат, бул окуучуларга Кыргызстан жана башка өлкөлөр; курчап турган дүйнө; организмдин түзүлүшү; | Живопись чыгармалары-нын мазмунун жана көркөм каражаттарын оозеки сыпаттоо.<br>Айрым эпизоддорду | Көрсөтмө-лөрдү туура түшүнүү жана так аткаруу Командада иштей алуу жана алардын мүчөлөрү- |

| Кыргыз тили жана адабий окуу | Математика | Мен жана дүйнө | Көркөм өнөр | Дене тарбия |
|---|---|---|---|---|
| сөздүк иш, өздүк анализ.<br>Түрдүү тапшырмалар сунушталат: таяныч сөздөр, сөз айкаштары боюнча текстти калыбына келтирүү, өз сөзү менен жазуу, кошумча маалыматты (сөздүктөр, энциклопедиялар, мааниси окшош башка тексттер) издөө, окуган чыгармага аннотация (2-3 сүйлөм) түзүү, пейзажды же персонаждын портретин жазуу, эсеп ырларын, жомокторду, аңгемелерди ойлоп табуу. | изделүүчү сандын, маанинин ортосундагы байланыш аныкталат.<br>Тексттик маселени таблицага, схемага, графикалык моделге айландыруу жана тескерисинче аткаруу. Маселелерди өз алдынча түзүү жана аларды чечүү жолдорун аргументтер менен түшүндүрүү.<br>Маселенин текстинин үстүнөн иштөө чыгармачыл мүнөзгө ээ болот: маселенин суроосун же шартын өзгөртүү, кошумча суроолорду берүү.<br>Бул баланын дүйнө таанымын өстүрүүгө, курчап тургандардын ортосундагы байланышты аныктоого жана математикалык кебин өстүрүүгө жардам берет. | республикабыздын жана башка өлкөлөрдүн флорасы жана фаунасы; бакубат жашоо образы; коопсуздук, ошондой эле этикалык нормалар тууралуу маалымат алганга мүмкүнчүлүк берет.<br>Орчундуу жана орчундуу эмес белгилер, классификациялоо, окуу текстинин башкы маанисин түшүнүү, байкоонун натыйжаларын белгилөө бөлүп көрсөтүлөт.<br>Тарбиялоочу-таанып билүүчү мүнөздөгү анча чоң эмес тексттер тандалат.<br>Бул баалоо, жыйынтык чыгаруу, баа берүү жана өз мисалдарын келтирүү билгичтигине таасир эткенге мүмкүнчүлүк берет, ошондой эле курчап турган дүйнө тууралуу билимдер өркүндөтүлөт. | жана чакан чыгармаларды иллюстрациялоого болот; бир эле текстке карата түрдүү сүрөтчүлөрдүн иллюстрацияларын кароо жана салыштыруу; өздөрү жасаган китептерди иллюстрациялоо, чыгарманын каармандарына карата мамилесин берүү үчүн боекторду колдонуу, окуу темасы боюнча жамааттык чыгармачылык сабактары.<br>Түрдүү типтеги тексттерди окуу чыгармачыл иш катары (сүрөт, аппликация, макет, декоративдик-колдонуучу чыгармачылык ж.б.) түзүү жана иштеп чыгуу боюнча көрсөтмөлөрдү окуу жана түшүнүү. | нүн аракетине карата пикирин билдирүү. |

Башталгыч класстар үчүн өтмө тематикалык тилкелер – актуалдуу темалардын топтому, алар түрдүү предметтерде ар кайсы деңгээлде каралат: а) биоартүрдүүлүктү сактоо жана жашоонун коопсуздугу, б) мультимаданияттуулук, инклюзия же билим алуу ж.б. денелик, интеллектуалдык, социалдык, эмоционалдык, тилдик өзгөчөлүктөрүнө карабастан, ишмердиктерге бардык балдардын катышуусу. Өтмө тематикалык тилкелерди башталгыч мектепте ишке ашырууда долбоор методу негизги метод болуп саналат. Долбоорлор, ошондой эле түрдүү предметтердеги жалпы темалар башталгыч билим берүүнүн мазмунун жуурулуштуруу милдетин аткарат, кызматташуу, карым-катыш, креативдүүлүк, сынчыл ойлом сыяктуу предметтен жогору турган, маанилүү көндүмдөрдү калыптандырууга шарт түзөт.

Башталгыч мектепте жарым жылда бир жолудан кем эмес өтмө предмет аралык долбоорлор болот, алардын негизинде бул мазмундук тилкелер ишке ашат.

**3-БӨЛҮМ**

## БИЛИМ БЕРҮҮНҮН НАТЫЙЖАЛАРЫ ЖАНА БААЛОО

### 3.1. Окуучуларды окутуудан күтүлүүчү натыйжалар (мазмундук тилкелер жана класстар боюнча)

Билим берүү натыйжалары мазмундук тилкелер боюнча түзүлдү жана биригип келип предметтик компетенттүүлүктөрдү калыптандырат. Башталгыч мектептин бүтүрүүчүсү бул билим берүү натыйжаларына орто жалпы мектепте окуусун уланткыдай деңгээлде жетишкендигин көрсөтүшү керек. Ар бир класстагы натыйжаларга жетишүү деңгээли индикаторлордун негизинде аныкталат.

Төмөндөгү таблица 1-4-класстарда окуп-үйрөнө турган материалдардын жана предметтик компетенттүүлүктөрдү калыптандыруу милдетин эске алуу менен башталгыч класстардагы билим берүү натыйжаларынын тизмесин камтыйт.

**4-таблица**

| Компетент-түүлүктөр / Мазмун-дук тилке | Предметтик компетенттүүлүктөр | | | |
|---|---|---|---|---|
| | **Кептик (ПК 1)** | **Тилдик (ПК 2)** | **Окурмандык (ПК 3)** | **Эмоционалдык-баалуулук компетенттүүлүк (ПК 4)** |
| **1. Кеп жана баарлашуу** | 1.1.1. Айтылуу максаты жана интонациясы боюнча сүйлөмдөрдү ажыратат жана түзөт.<br>1.1.2. Сөздү контексттеги маанисине ылайык колдонот.<br>1.1.3. Кеп адебинин нормаларын колдонуп, күнүмдүк кырдаалдарда /онлайн режимде баарлашууга катышат. | 2.1.9. Сөздү муунга, муунду тыбышка бөлүп, кээ бир тыбыштарды башкасы менен алмаштырат.<br>2.1.10. Окуп-үйрөнгөн сөз түркүмдөрүнүн ролун аныктап, кебинде туура колдонот. | 3.1.14. Окуган чыгармасынын авторун, аталышын билет, китептерди тандап алуусун түшүндүрөт.<br>3.1.15. Тексттен алган маалыматын кайра иштеп чыгат жана ал тууралуу сүйлөп бере алат. | 4.1.21. Окуган тексттеринин каармандарын, окуяларын салыштырат. |
| **2. Тил системасынын элементтери** | 1.2.4. Сөз бөлүктөрүнүн грамматикалык өзгөчөлүктөрүн аныктайт, өз алдынча сүйлөмдөрдү түзүүдө морфологиялык нормаларды туура колдонот.<br>1.2.5. Сөздүн лексикалык маанисин контекстке жараша аныктайт жана лексикалык запасын толуктайт. | 2.2.11. Орфография эрежелерине жана каллиграфиянын талаптарына ылайык сөздөрдү туура жазат.<br>2.2.12. Көнүгүү үчүн берилген тексттердеги улуттук лексикалык каражаттардын (калпак, элечек, түндүк, кымыз, боз үй, бешик ж.б.) маанилерин түшүндүрүп берет. | 3.2.16. Көркөм жана экспрессивдүү каражаттардын: эпитет, салыштыруу, персонация, метафора, ирония; юмор ж.б. адабий чыгармалардагы ролун түшүндүрөт.<br>3.2.17. Чыгарманын окуясын улантууда/өзгөртүүдө сөз байлыгын колдонот. | 4.2.22. Карым-катыштын ар кандай кырдаалында кептик / кептик эмес (мимика, кыймылдар) жана интонациялык каражаттарды колдонот. |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| **3. Баштапкы адабий билим берүү** | 1.3.6. Тексттерди окуунун ар кандай түрлөрүн колдонот.<br>1.3.7. Тексттерди шар, туура, түшүнүктүү окуйт жана түшүнгөнүн көрсөтөт.<br>1.3.8. Керектүү маалыматты уккан /окуган текстинен табат. | 2.3.13. Тексттин ар кандай түрлөрүн (көркөм, маалыматтык ж.б) кабыл алат жана өздөштүргөндөрүн баарлашууда туура колдонот. | 3.3.18. Тексттердин жанрларын ажыратат.<br>3.3.19. Китеп менен иштөө көндүмдөрүн жана жөндөмдөрүн колдонот.<br>3.3.20. Үйрөнгөн жанрларында оозеки жана жазуу түрүндө чакан тексттерди түзөт. | 4.3.23. Окугандарын талдайт, улуттук жана жалпы адамзаттык баалуулуктарды эске алуу менен ага болгон мамилесин билдирет. |

**Класстар боюнча билим берүү натыйжалары жана көрсөткүчтөр**

**Биринчи сан –** предметтик компетенттүүлүктөр: 1 – кептик; 2 – тилдик; 3 – окурмандык; 4 – эмоциялык-баалуулук.

**Экинчи сан –** мазмундук тилке: 1 – Кеп жана баарлашуу; 2 – Тилдик системанын элементтери; 3 – Баштапкы адабий билим берүү.

**Үчүнчү сан –** билим берүү натыйжасынын номери.

**5-таблица**

| 1-класс | 2-класс | 3-класс | 4-класс |
|---|---|---|---|
| **1.1.1. Айтылуу максаты жана интонациясы боюнча сүйлөмдөрдү ажыратат жана түзөт.** | | | |
| 1.1. Билдирүүнүн максатын интонация аркылуу аныктайт. | 2.1. Сүйлөмдүн чектерин аныктайт, интонацияланы туура колдонот жана ага ылайык жазат. | 3.1. Сүйлөмдөрдү семантикалык маанисине ылайык интонацияны туура коет жана жазат. | 4.1. Коммуникативдик тапшырмага жараша билдирүүлөрдүн максатын жана интонациясын өзгөртөт. |
| 1.2. Үлгү боюнча оозеки сүйлөм түзөт. | 2.2. Үлгүгө таянып, оозеки, жазуу түрүндө сүйлөм түзөт. | 3.2. Айтылыш максатына жараша (жай, суроолуу, илептүү) жөнөкөй сүйлөмдөрдү түзөт. | 4.2. Айтылыш максатына жараша (жай, суроолуу, илептүү) жөнөкөй сүйлөмдөрдү, бир өңчөй мүчөлүү сүйлөмдөрдү түзөт. |
| 1.3. Интонацияны туура коюу аркылуу сүйлөмдү туура окуйт. | 1.3. Интонацияны туура коюу менен өз алдынча диалог түзөт. | 3.3. Интонацияны туура коюу менен жөнөкөй сүйлөмдөрдү жана диалогдорду түзөт. | 3.3. Интонацияны туура коюу менен бир өңчөй мүчөлөр катышкан жөнөкөй сүйлөмдөрдү жана диалогдорду түзөт. |
| **1.1.2. Сөздү контексттеги маанисине ылайык колдонот.** | | | |
| 1.1. Жаңы сөздөрдүн лексикалык маанисин түшүнөт. | 2.1. Жаңы сөздөрдүн лексикалык маанисин контекстке ылайык түшүнөт. | 3.1. Жаңы сөздөрдүн лексикалык маанисин контекстке ылайык түшүнөт жана оозеки кебинде колдонот. | 4.1. Жаңы сөздөрдүн лексикалык маанисин контекстке ылайык түшүнөт жана жазуу\оозеки кебинде колдонот. |
| 1.2. Контекстке жараша сөздөрдүн маанилерин аныктайт. | 2.2. Жаңы сөздөрдү лексикалык маанисине ылайык сөз айкаштарын, сүйлөм түзө алат. | 3.2. Жаңы сөздөрдү лексикалык маанисине ылайык сүйлөм түзө алат, текст түзүүдө колдонот. | 3.2. Жаңы сөздөрдү лексикалык маанисине ылайык сүйлөм түзө алат, текст түзүүдө колдонот. |
| **1.1.3. Кеп адебинин нормаларын колдонуп, күнүмдүк кырдаалдарда/онлайн режимде баарлашууга катышат.** | | | |
| 1.1. Маектешинин сөздөрүн түшүнөт, аларга тийиштүү түрдө | 2.1.Маектешинин сөздөрүн түшүнөт, аларга тийиштүү түрдө | 3.1. Нускамага ылайык окуу жана оюн иш-аракеттерин аткарат. | 4.1. Нускамага ылайык окуу жана оюн иш-аракеттерин аткарат. |

| | | | |
|---|---|---|---|
| жооп берет. | жооп берет. | | |
| 1.2. Кырдаалга жараша суроолорго жооп берет, зарылчылыкка жараша суроолорду берет. | 2.2. Кырдаалга жараша (сылык кайрылуу, учурашуу, таанышуу, кечирим суроо) пикирлешет. | 3.2. Кырдаалга жараша реалдуу\онлайн режимде пикирлешет, өз пикирин билдирет. | 4.2. Кеп этикетине жараша реалдуу\онлайн режимде пикирлешет, пикирине аргументтерди келтирет. |
| **1.2.4. Сөз бөлүктөрүнүн грамматикалык өзгөчөлүктөрүн аныктайт, өз алдынча сүйлөмдөрдү түзүүдө морфологиялык нормаларды туура колдонот.** | | | |
| 1.1. Предметтин аты, предметтин сын-сыпаты жана кыймыл-аракетин билдирген сөздөрдү айырмалайт. | 2.1. Зат атоочторду, сын атоочторду, этиштерди сөз түркүмү катары тааныйт. | 3.1. Негизги жана кызматчы сөз түркүмдөрдү айырмалай алат. | 4.1. Негизги жана кызматчы сөз түркүмдөрдү айырмалай алат. |
| 1.2. Ким? эмне? эмне кылат? эмне кылып жатат? деген суроолорго жооп берген сөздөрдү айырмалайт. | 2.2. Сөз түркүмдөрүн грамматикалык белгилери боюнча айырмалайт жана топтоштурат. | 3.2. Сөз түркүмдөрүн грамматикалык белгилери боюнча айырмалайт жана топтоштурат. | 4.2. Зат атооч, сын атооч, этишке элементардык морфологиялык талдоо жүргүзөт. |
| 1.3. Предметтин атын, сын-сыпатын, кыймыл-аракетин билдирүүчү сөздөрдү аныктай алат жана аларды кепте туура колдонот. | 2.3. Зат атоочторду, сын атоочторду, этиштерди аныктай алат жана кепте туура колдонот. | 3.3. Окуп-үйрөнүлгөн сөз түркүмдөрүн аныктай алат жана кепте туура колдонуу менен сөз байлыгын өстүрөт. | 4.3. Окуп-үйрөнүлгөн сөз түркүмдөрүн аныктай алат жана кепте туура колдонуу менен сөз байлыгын өстүрөт. |
| **1.2.5. Сөздүн лексикалык маанисин контекстке жараша аныктайт жана сөз байлыгын толуктайт.** | | | |
| 1.1. Жаңы сөздөрдү бөлүп көрсөтүп, сөздүн маанисин аныктоо үчүн визуализацияны колдонот. | 2.1. Жаңы сөздөрдү бөлүп көрсөтөт, маанисин аныктайт жана сүйлөөдө / жазууда жаңы сөздөрдү колдонот. | 3.1. Тексттен бир типтүү сөздөрдү, синонимдерди, антонимдерди, ассоциацияларды, кыйытмаларды издеп табат, кебинде колдонот. | 4.1. Жаңы сөздүн маанисин аныктоо үчүн контекстти колдонот, контекстти колдонуу менен сөз маанисин айырмалайт. |
| 1.2. Кеңири таралган сөздөрдү тааныйт жана маанисин түшүнөт. | 2.2. Сөздүк аркылуу туруктуу сөз айкаштарынын маанисин аныктайт. | 3.2. Сөздүк аркылуу туруктуу сөз айкаштарынын жана фразеологизмдердин маанисин аныктайт. | 4.2. Белгисиз сөздөрдүн маанилерине контекстке жараша түшүндүрмө берет. |
| 1.3. Жаңы сөздөрдү кебинде колдонот. | 2.3. Кепте кеңири колдонулган сөздөрдү, туруктуу сөз айкаштарын кебинде колдонот. | 3.3. Кепте кеңири колдонулган фразеологизмдерди колдонот. | 4.3. Үйрөнүлгөн туруктуу сөз айкаштарын жана фразеологизмдерди маанисине ылайык кебинде колдонот. |
| 1.4. Сөздүн, туруктуу айкашынын (көмөкчү | 2.4. Сөздүктөн бир маанилүү жана көп маанилүү сөздөрдү | 3.4. Туруктуу айкашын, ар кандай мааниде колдонулган (тике жана | 4.4. Туруктуу айкашын, ар кандай мааниде колдонулган (тике жана |

| | | | |
|---|---|---|---|
| материалдардын негизинде, үлгүгө ылайык) маанисин түшүнөт. | табат; сунушталган мисалдардын арасынан сөздүн түз жана өтмө мааниде колдонулушун табат. | өтмө мааниде) сөздөрдү катыштырып сүйлөмдөрдү түзөт (сөздөрдүн маанилерин талкуулап же сөздүк менен иштегенден кийин) | өтмө мааниде) сөздөрдү катыштырып сүйлөмдөрдү түзөт (сөздөрдүн маанилерин талкуулап же сөздүк менен иштегенден кийин) |
| **1.3.6. Тексттерди окуунун ар кандай түрлөрүн колдонот.** | | | |
| 1.1. Сөздү, сүйлөмдү, текстти үн чыгарып, купуя окуйт. | 2.1. Текстти үн чыгарып, купуя (ичтен) шар, көркөм окуйт. | 3.1. Текстти шар, көркөм, ролдоштуруп окуйт. | 4.1. Текстти шар, көркөм, ролдоштуруп окуйт. |
| 1.2. Текстти үн чыгарып, купуя окуп, маанисин түшүнөт. | 2.2. Текстти үн чыгарып, купуя (ичтен) шар, көркөм окуп, маанисин түшүнөт. | 3.2. Текстти шар, туура, так, интонация менен окуйт. | 4.2. Текстти шар, туура, так, интонация менен окуйт. |
| - | - | 3.3. Тексттин маанисин түшүнүп, талдап окуйт. | 4.3. Тексттин маанисин түшүнүп, талдап, ой жүгүртүп окуйт, өз оюн, баасын билдирет. |
| **1.3.7. Тексттерди шар, туура, түшүнүктүү окуйт жана түшүнгөнүн көрсөтөт.** | | | |
| 1.1.Сөздөрдү (айрым көп муундуу сөздөрдү) туура окуйт. | 2.1. Текстти туура, так, тиешелүү ылдамдыкта окуйт. | 3.1. Текстти туура, так, тиешелүү ылдамдыкта, кыраатты сактоо менен окуйт. | 4.1. Текстти туура, так, тиешелүү ылдамдыкта, кыраатты жана логикалык басымды сактоо менен окуйт. |
| 1.2. Тыныш белгилерге ылайык тыным жасап окуйт. | 2.2. Текстти окууда кыраатты сактап, түшүнүктүү окуйт. | 3.2. Текстти кыраатты сактап, түшүнүктүү, шар жана көркөм окуйт. | 4.2. Тексттин мазмунуна жана тыныш белгилерге ылайык шар, көркөм окуйт. |
| 1.3. Окуган чыгарманын мазмунун өз сөзү менен кайра айтып берет. | 2.3. Окуган чыгарманын мазмунун өз сөзү менен ырааттуу айтып берет. | 3.3. Окуган чыгарманын мазмунун өз сөзү менен ырааттуу, мазмундуу айтып берет. | 3.3. Окуган чыгарманын мазмунун өз сөзү менен ырааттуу, чыгармачылык менен айтып берет. |
| 1.4. Өтүлгөн тексттин мазмунуна байланыштуу жөнөкөй суроолорго жооп берет. | 2.4. Өтүлгөн тексттин мазмунуна байланыштуу ачык/жабык суроолорго жооп берет. | 3.4. Өтүлгөн тексттин мазмунуна байланыштуу ачык/жабык суроолорго жооп берет. Тексттеги негизги сөздөрдү аныктайт, ал сөздөрдүн синоним, антонимдерин табат. | 4.4. Өтүлгөн тексттин мазмунуна байланыштуу ачык/жабык суроолорго жооп берет, тексттин мазмунуна ылайык өз алдынча суроолорду түзөт. |
| **1.3.8. Керектүү маалыматты уккан /окуган текстинен табат.** | | | |
| 1.1. Предметке, анын сын-сыпатына, кыймыл-аракетине | 2.1. Каарманга, анын-иш-аракетине, мүнөзүнө | 3.1. Каармандын мүнөзүнө, иш-аракетине, окуяга байланыштуу | 4.1. Каармандын мүнөзүнө, иш-аракетине, окуяга байланыштуу |

| | | | |
|---|---|---|---|
| байланыштуу маалыматты табат. | байланыштуу маалыматты табат. | маалыматты табат жана аны талдайт. | маалыматты табат, талдайт жана андан корутунду чыгарат. |
| 1.2. Алган маалыматына ылайык каармандардын мүнөздөрүн, иш-аракеттерин түшүндүрөт. | 2.2. Алган маалыматына ылайык каармандардын мүнөздөрүн, иш-аракеттерин түшүндүрөт, мамилесин билдирет. | 3.2. Алган маалыматынан улам жалпы окшоштуктарды \ айырмачылыктарды табат, ага карата өз оюн билдирет. | 4.2. Алынган маалыматты системалаштыра алат (жалпы окшоштуктарды\айырмачылык-тарды табат, маалыматты жалпылаштырат). |
| **2.1.9. Сөздү муунга, муунду тыбышка бөлүп, кээ бир тыбыштарды башкасы менен алмаштырат.** | | | |
| 1.1. Сөздөрдү муундарга, муундарды тыбыштарга бөлөт. | 1.1. Сөздөрдү муундарга, муундарды тыбыштарга бөлөт, кээ бир тыбыштарды башкасы менен алмаштырат. | 3.1. Үндүү, үнсүз тыбыштарды айтылышы жана жазылышы боюнча айырмалайт. | 4.1. Үйрөнгөн фонетикалык процесстерди сөздөр аркылуу тааныйт. |
| 1.2. Үндүү жана үнсүз тыбыштарды атайт. | 2.2. Үндүү жана үнсүз тыбыштарды айырмалайт. | 3.2. Сөздөгү үндүү\үнсүз тыбыштарды ажырата алат, аларга мүнөздөмө берет. | 4.2. Сөздөгү тыбыштарга жөнөкөй фонетикалык талдоо жүргүзөт. |
| 1.3. Сөздөрдү угуп кабыл алат жана аларды туура кайталап айтат. | 2.3. Уккан текстиндеги жаңы сөздөрдү туура айтат. | 3.3. Уккан текстиндеги татаал сөздөрдү туура айтат. | 4.3. Сөздүктүн жардамы менен сөздөрдүн айтылыш жана жазылыш тууралыгын аныктайт. |
| **2.1.10. Окуп-үйрөнгөн сөз түркүмдөрүнүн ролун аныктап, кебинде туура колдонот.** | | | |
| 1.1. Тексттен жекелик жана көптүк түрдөгү сөздөрдү табат, айырмалай алат. | 2.1. Тексттен жекелик жана көптүк түрдөгү сөздөрдү табат, айырмалайт, туура айтат. | 3.1. Жекелик жана көптүк түрдөгү сөздөрдү оозеки\жазуу кебинде колдонот. | 4.1. Текст жаратууда жекелик жана көптүк түрдөгү сөздөрдү ылайыктуу колдонот. |
| 1.2. Жашоо-турмушу (үй-бүлөсү, достору, оюнчуктар, жаныбарлар, мектеп) менен байланышкан сөздөрдүн топтомун айтат, маанисин түшүндүрөт. | 2.2. Көркөм жана публицистикалык тексттерди түзгөн сөздөрдүн топтомун атайт, маанилерин түшүндүрөт. | 3.2. Көркөм жана публицистикалык тексттердеги сөздөрдү туура колдонуп, сүйлөм, чакан текст түзөт. | 4.2. Көркөм жана публицистикалык тексттердеги сөздөрдү маанисине ылайык оозеки\жазуу кебинде колдонот. |
| **2.2.11. Орфографиянын эрежелерине жана каллиграфиянын талаптарына ылайык сөздөрдү туура жазат.** | | | |
| 1.1. -чт, -чп, -нг, -зс сыяктуу айкалыштар менен келген сөздөрдү туура айтат (качты, чачпа, нанга, күнгө, сөзсүз). | 2.1. -чт, -чп, -нг, -зс сыяктуу айкалыштар менен келген сөздөрдү (качты, чачпа, нанга, күнгө, сөзсүз) туура айтат. | 3.1. -чт, -чп, -нг, -зс сыяктуу айкалыштар менен келген сөздөрдү (качты, чачпа, нанга, күнгө, сөзсүз) туура айтат жана жазат. | 4.1. -чт, -чп, -нг, -зс сыяктуу айкалыштар менен келген сөздөрдү (качты, чачпа, нанга, күнгө, сөзсүз) туура айтат жана жазат. |

| | | | |
|---|---|---|---|
| 1.2. Жумшак жана каткалаң үнсүздөр катышкан сөздөрдү туура айтат. | 2.2. Йоттошкон тамгалар катышкан сөздөрдү туура айтат жана жазат. | 3.2. Башка тилдерден кирген сөздөрдүн жазылыш жана айтылыш нормасын айырмалайт. | 4.2. Башка тилдерден кирген сөздөрдүн жазылыш жана айтылыш нормасын айырмалайт жана түшүндүрүп берет. |
| 1.3. Графикалык жактан сапта тамгаларды туура жазат жана тамгаларды сөздө туташтыруу ыкмаларын билет. | 2.3. Сөздөрдү түшүнүктүү жазат жана сызыктуу, ритмдүү жазууну көрсөтөт. | 3.3. Каллиграфиянын талаптарына ылайык, түшүнүктүү жазат. | 4.3. Каллиграфиянын талаптарына ылайык түшүнүктүү жана тез жазат. |
| 1.4. Ачык, жабык жана туюк муундуу сөздөрдү туура ташымалдап жазат (ки-теп, ал-ма, ба-ла) | 2.4. Ачык, жабык жана туюк муундуу сөздөрдү туура ташымалдап жазат. | 3.4. Созулма үндүү тыбыштар катышкан сөздөрдү туура ташымалдап жазат (суу-луу, су-луу). | 4.4. Үйрөнүлгөн ташымалдоо эрежелерин колдонот. |
| 1.5. Сүйлөмдүн башында, энчилүү аттарды жазууда баш тамгалардын жазылыш эрежелерин колдонот. | 2.5. Баш тамгаларды (адам аттарын, жер-суу аттарын) жазуу эрежелерин колдонот. | 3.5. Баш тамгалар менен жазууда (жер-суулардын, адамдардын, жан-жаныбарлардын энчилүү аттарын, майрамдарды) орфографиялык эрежелерди колдонот. | 4.5. Баш тамгалар менен жазууда орфографиялык эрежелерди колдонот (кээ бир тарыхый даталар, татаал аталыштар: Кыргыз Республикасы). |
| | | 3.6. Зат атоочтордун, сын атоочтордун жөндөлүш эрежелерин колдонот. | 4.6. Этиштин жак, сан боюнча өзгөрүү эрежелерин колдонот. |
| **2.2.12. Көнүгүү үчүн берилген тексттердеги улуттук лексикалык каражаттардын (калпак, элечек, түндүк, кымыз, боз үй, бешик ж.б.) маанилерин түшүндүрүп берет.** | | | |
| 1.1. Сүрөттөрдөн, чакан тексттерден улуттук буюмдарды атайт (калпак, элечек, түндүк, кымыз, боз үй, бешик ж.б.) | 2.1. Көнүгүүлөр үчүн берилген тексттерден улуттук лексикалык каражаттарды (калпак, элечек, түндүк, кымыз, боз үй, бешик ж.б.) таба алат. | 3.1. Тексттен кездешкен улуттук лексикалык каражаттардын маанисин чечмелеп түшүндүрүп берет, адарды кебинде колдонот. | 4.1. Улуттук лексикалык каражаттардын маанисин чечмелейт, жазуу/оозеки кебинде эркин колдонот. |
| **2.3.13. Тексттин ар кандай түрлөрүн (көркөм, маалыматтык ж.б.) кабыл алат жана өздөштүргөндөрүн баарлашууда туура колдонот.** | | | |
| 1.1. Кыска тексттерди окуйт, сөздөрдү туура жана так айтат. | 2.1. Тексттерди туура, шар окуйт. | 3.1. Тексттерди айтылыш нормаларына ылайык туура, шар, интонация менен окуйт | 4.1. Тексттерди айтылыш нормаларына, каармандардын образдарына ылайык туура, шар, интонация менен окуйт. |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | 2.2. Текстти окуганда кыска, орто жана узун тынымдарды коёт. | 3.2. Текстти окуп жатканда үндүн кыймылдуулугун (күч, темп, ритм) көрсөтөт. | 4.2. Текстти окуп жатканда бүткөн ойду же жаңы ойдун башталышын аныктайт. |
| **3.1.14. Окуган чыгармасынын авторлорун, аталышын билет, китептерди тандап алуусун түшүндүрөт.** | | | |
| 1.1. Китептин элементтерин билет (автору, аталышы, мукабасы) | 2.1. Китептин мукабасынан карап аталышын атайт, ар кандай тамгалар менен терилген материалдарды табат, издөө үчүн маалымдама материалдарды, мазмунун колдонот | 3.1. Маанилүү маалымат булактары жөнүндө түшүнүгү бар (балдар китептери, журналдар, энциклопедиялар, сыналгы, китепкана, интернет) | 4.1. Китепканадан, китеп дүкөнүнөн, китеп жарманкесинен китеп тандайт, окуйт. |
| **3.1.15. Тексттен алган маалыматын кайра иштеп чыгат жана ал тууралуу сүйлөп бере алат.** | | | |
| 1.1. Окуган/уккан тексттинин мазмунуна карата суроолорго жооп берет, окуяны өз алдынча айтып берет. | 2.1. Текстти түшүнгөнүн кайра айтып берет, текстке карата берилген суроолорго жооп берет / суроолорду түзө алат. | 3.1. Тексттин жалпы мазмунун/окуяларын, каармандарын ж.б. өз сөзү менен, чыгармачылык менен айтып берет. | 4.1. Тексттин жалпы мазмунун/окуяларын, каармандарын ж.б. эркин, чыгармачылык менен айтып берет. |
| **3.2.16. Көркөм жана экспрессивдүү каражаттардын: эпитет, салыштыруу, персонация, метафора, ирония, юмор ж.б. адабий чыгармалардагы ролун түшүндүрөт.** | | | |
| 1.1. Жөнөкөй көркөм сөз каражаттарын тексттен табат. | 2.1 Көркөм сөз каражаттарын тексттен табат. | 3.1. Көркөм сөз каражаттарын тексттен табат, маанилерин чечмелейт. | 4.1. Көркөм сөз каражаттарынын маанилерин чечмелейт, кебинде колдонот. |
| | 2.2. Көркөм сөз каражаттарын маанисин контекстке ылайык өз сөзү менен түшүндүрөт. | 3.2. Көркөм сөз каражаттарынын маанилерин кошумча булактар (сөздүктөр) аркылуу чечмелейт. | 4.2. Көркөм сөз каражаттарынын маанилерин кошумча булактар (сөздүктөр, маалымдама) аркылуу чечмелейт, оозеки\жазуу кебинде орундуу колдонот. |
| **3.2.17. Чыгарманын окуясын улантууда/өзгөртүүдө сөз байлыгын колдонот.** | | | |
| 1.1. Чыгарманын окуясын улантууга/өзгөртүүгө багыт | 2.1. Чыгарманын окуясын фантазиясына жараша өзгөртө | 3.1. Чыгармада баяндалган окуянын аягын чыгармачылык улантып же | 4.1. Чыгарманы (айрым окуясын, каармандын иш-аракетин, |

| | | | |
|---|---|---|---|
| берүүчү суроолорго ылайык жооп берет. | алат же окуянын аягын өз алдынча уланта алат. | өзгөртүп, ал тууралуу сүйлөп берет. | окуянын аягын ж.б.) чыгармачылык менен кайра иштеп чыгып, ал тууралуу сүйлөп берет. |
| **3.3.18. Тексттердин жанрларын ажыратат.** | | | |
| 1.1. Ыр менен кара сөздү айырмалайт. | 2.1. Тексттин жанрдык өзгөчөлүктөрүн (жомок, ыр, аңгеме) айырмалайт. | 3.1. Тексттин жанрдык өзгөчөлүктөрүн (жомок, ыр, аңгеме, юмор, тамсил) айырмалайт жана өзгөчөлүктөрүн айтат. | 4.1. Тексттин жанрдык өзгөчөлүктөрүн (ыр, аңгеме, драмалык чыгарма, тамсил, юмор, фэнтези, комикс) айырмалайт жана өзгөчөлүктөрүн мисалдар менен айта алат. |
| **3.3.19. Китеп менен иштөө көндүмдөрүн жана жөндөмдөрүн колдонот.** | | | |
| 1.2. Китепке /чыгармага болгон кызыгуусун көрсөтөт. | 2.2. Мектеп программасында окуган чыгармаларынын авторлору болгон балдар акын-жазуучуларынын аттарын билет. | 3.2. Бир нече балдар китептеринин аталыштарын жана авторлорун билет. | 4.2. Китептерди эмне үчүн тандап алгандыгын түшүндүрөт. |
| **3.3.20. Үйрөнгөн жанрларында оозеки жана жазуу түрүндө чакан тексттерди түзөт.** | | | |
| 1.1. Мугалим тарабынан даярдалган же окуу китебинде\жумушчу дептерде берилген нускамалардын\үлгүлөрдүн негизинде жазуу ишин аткарат. | 2.1. Алдын ала түзүлгөн планга ылайык окулган чыгарма, көргөн фильм / мультфильмдин эпизоду, класстын же үй -бүлөнүн жашоосу тууралуу бир нече сүйлөмдөн турган текст жазат. | 3.1. Окулган чыгарма, көргөн фильм / мультфильмдин эпизоду, класстын же үй -бүлөнүн жашоосу тууралуу чакан текст жазат. | 4.1. Окулган чыгарма, көргөн фильм / мультфильмдин эпизоду, класстын же үй -бүлөнүн жашоосу тууралуу чакан текст жазат, жуптарда\топто талкуулап, өз алдынча каталарын оңдойт. |
| 1.2. Кеп адебине ылайык саламдашуу, өтүнүч, кечирим суроого ылайык айрым сүйлөмдөрдү жазат. | 2.2. Кеп адебине ылайык айрым кырдаалдарга жараша (кечирим суроо, уруксат суроо, кайрылуу) сүйлөмдөрдү жазат. | 3.2. Кеп адебине ылайык куттуктоо тексттин жазат. | 4.2. Жеке кат жазат, оюн ойноо, жаныбарларга кам көрүү боюнча тексттик көрсөтмөлөрдү түзөт. |
| 1.3. Айрым сөздөрдү, жөнөкөй сүйлөмдөрдү мугалимдин айтып берүүсү менен жазат. | 2.3. Таяныч материалдардын негизинде берилген тема боюнча оозеки жана жазуу түрүндөгү текстти (баяндоо жана сүрөттөө) түзөт. | 3.3. Оозеки жана жазуу түрүндөгү кептин түрлөрүн (баяндоо, сүрөттөө, ой жүгүртүү) түзөт, анын мазмунун жана формасын талкуулайт. | 4.3. Жазуу ишинин мазмунун жана формасын баалайт, андагы артыкчылыктарды жана кемчиликтерди белгилейт (мугалимдин багыт берүүсү менен). |
| | 2.4. Таяныч сөздөр боюнча чакан | 3.4. Сунушталган бир нече сүйлөмдү | 4.4. Сунушталган пландын, |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | дил баян жазат. | улантып чакан дил баян жазат. | сүрөттүн негизинде дил баян жазат. |
| **4.1.21. Окуган/уккан тексттеринин каармандарын, окуяларын салыштырат.** | | | |
| 1.1. Окуган/уккан чыгармасындагы каармандар, алардын мүнөзү, иш-аракеттери тууралуу суроолорго жооп берет. | 2.1. Окуган/уккан чыгармасындагы каармандардын мүнөзүн, кылык-жоруктарын, иш-аракеттерин салыштырат. | 3.1. Окуган/уккан чыгармасындагы каармандардын мүнөзүн, алардын кылык-жоруктарын, иш-аракеттерин, окуяларын салыштыруу менен талдайт. | 4.1. Окуган/уккан чыгармасындагы каармандардын мүнөзүн, кылык-жоруктарын, алардын иш-аракеттерин, окуяларын салыштырат, өз пикирин аргументтер менен билдирип талдайт, баа берет. |
| **4.2.22. Карым-катыштын ар кандай кырдаалында кептик / кептик эмес (мимика, кыймылдар) жана интонациялык каражаттарды колдоно алат.** | | | |
| 1.1. Текстти интонацияны сактоо менен окуйт. | 2.1.Текстти мазмунун айтып берүүдө интонациялык каражаттарды колдонот. | 3.1. Чыгарманы мазмунун айтып берүүдө кептик/кептик эмес жана интонациялык каражаттарды колдонот. | 4.1. Чыгарманы мазмунун айтып берүүдө кептик/кептик эмес жана интонациялык каражаттарды колдонот. |
| 1.2. Өз сөзүн тиешелүү интонация, мимика жана жаңсоолор менен коштойт. | 2.2. Кеп кырдаалдарына жараша белгилүү интонацияны, жаңсоолорду жана мимикаларды колдонот. | 3.2. Карым-катыштын түрдүү кырдаалында, көркөм чыгармадан үзүндү аткарууда тиешелүү интонацияны, мимиканы жана жаңсоолорду колдонот. | 4.2. Карым-катыштын түрдүү кырдаалында кебин экспрессивдүү жана элестүү кылуу үчүн тиешелүү интонацияны, мимиканы жана жаңсоолорду колдонот. |
| **4.3.23. Окугандарын талдайт, улуттук жана жалпы адамзаттык баалуулуктарды эске алуу менен ага болгон мамилесин билдирет.** | | | |
| 1.1. Окуган / уккан тексти боюнча сүйлөп берет. | 2.1. Окуган / уккан тексти боюнча сүйлөп берет. | 3.1. Окуган / уккан тексти боюнча цитаталарды келтирүү менен сүйлөп берет, өз позициясын билдирет. | 4.1. Окуган / уккан тексти боюнча сүйлөп берет, мамилесин билдирет же презентация жасайт. |
| 1.2. Тексттеги ойду айтат. | 2.2. Тексттеги түйүндүү сөздөрдү табат. Чыгармадагы көйгөйдү аныктайт. Тексттеги окуяны талдайт. | 3.2. Чыгармадагы негизги ойду жана идеяны аныктайт, автордун позициясын тактайт. Тексттеги окуяны башка окуялар менен салыштырат. | 4.2. Тексттеги окуяга баа берүү менен өз пикирин билдирет. Башка чыгармалар же турмуштук окуялар менен салыштырат. |

## 3.2. Окуучулардын жетишкендиктерин баалоонун негизги стратегиялары жана ченемдери

Башталгыч класстарда баалоо билим берүү натыйжаларга жетишүү, өзүн өзү жөнгө салуу ыкмалары жана жеке өнүктүрүү боюнча өзүн-өзү баалоо билим алуу прогрессинде эң маанилүү ролду ойнойт. Мугалим жетишүүдөгү баалоонун негизги стратегияларын колдонот:1) окуучунун баштапкы жана акыркы жыйынтыгы боюнча өз ара байланышы, башкача айтканда прогресстин айрым динамикасы бааланат; 2) алынган жыйынтык менен критерийлердин дал келүүсү.

Башталгыч класстагы окуучулардын жетишкендиктерин баалоо төмөнкү принциптердин негизинде ишке ашырылат:

**Критерийлүүлүк** – маанилүү башкаруу жана баалоо, окуучулар менен бирдей критерийде курулат. Окутуунун негизинде бирге иштелип чыккан критерийлер ар бир окуучу тарабынан алдын ала белгилүү жана ачык-айкын болушу керек;

**Өзүн өзү баалоонун артыкчылыктары** – Окуучунун өзүн өзү баалоосу мугалимдин баалоосунан мурдараак болушу башталгыч класстарындагы окуучулардын белгилүү бир критерийлер менен башкалардын ишин баалоого үйрөтөт.

**Ийкемдүүлүк жана өзгөргүчтүк** - натыйжалуу башкаруу жана баа берүү сунушу менен окуучуларды камсыз кылуу, окутуу ишин изилдөө үчүн ар түрдүү жол-жоболорду жана методдорду колдонуу, өз жыйынтыктарын түрдүү ыкмалар менен көрсөтүүгө мүмкүнчүлүк берүү.

**Методдордун жана инструментарийлердин текшерүү жыйынтыктарын баалоо жана шайкештигин сактоо адекваттуулугу** – окуучулар өтүлгөн материалдарга байланыштуу тапшырмаларды аткаруусу менен баалануусу. Материалдын мазмунун түшүнүп билүү деңгээлин баалоодо ар түрдүү методдорду колдонуу мугалимге окуучулардын керектүү билим алуусу менен окутууну дифференцияцалоосуна мүмкүндүк берет.

1-2-класстарда жетишүү ийгилигине баа берүү белги койбостон, баа берүүнүн сапаттык жана сыпаттоо ыкмаларын пайдалануу жүргүзүлөт, 3-класстан окуучуларга баа коюла баштайт. Мугалим калыптандыруучу баалоого көбүрөөк маани берип, баалоо окутуунун бир бөлүгүн түзүп, окуучулардын билим деңгээлине жана керектөөсүнө адаптациялануусу гана жүрөт. 3-4-класстарда баа берүү үчүн белгилер, ошондой эле сапаттык жана сыпаттоо ыкмалары менен баалоо улантылат (баалоонун критерийлери боюнча жазуу жана оозеки кайтарым байланыш, жетишүү жыйынтыктарынын деңгээлин баалоо рубрикасы аркылуу ж.б.).

**Баалоонун эффективдүүлүгү үчүн мугалим:**

- окуу процессинде ар дайым позитивдүү жана конструктивдүү кайтарым байланыш (жазуу жана оозеки түрүндө) берип турушу зарыл;

- окуучулардын билим алуудагы жетишкендиктерине жана өнүгүүсүнө байкоо жүргүзөт, ар бир окуу жылынын аягында билим алуудагы жетишүү; жыйынтыктарынын натыйжаларын өнүгүү критерийлери боюнча көргөзмөлүү баалоосун берип турат;

- баалоонун ар түрдүү ыкмалары менен формаларын колдонот, ошондой эле өзүн-өзү баалоо, бири-бирин баалоо, сапаттуу баалоо куралдары (окуучулардын портфолиосу, байкоо жүргүзүү өнүгүү карталары ж.б.)

- окуу процессинде көйгөйлөрдү бирге чечүү үчүн ата-энелерге (мыйзамдуу өкүлдөргө) окуучунун жетишкендиктери же кыйынчылыктары боюнча маалымат берип туруусу керек;

- 2-класстын экинчи жарым жылдыгынан баштап ар бир окуучуга жетишүү табелине баа түшүрөт;

- 1-4-классты аяктоодо ар бир окуучуга окуудагы жетишкендиктери жана жеке жетишүүсү боюнча мүнөздөмө жазат.

Кыргыз тили жана адабий окуу предмети боюнча жетишүү жыйынтыктарынын деңгээлин билүүдө мугалим ар түрдүү баалоо иштерин жана текшерүү материалдарын колдонот. Предметтин өзгөчөлүгү билим жыйынтыктарынын көп бөлүгүнө баалоонун ар түрдүү формаларын колдонсо болот. Бирок, биргелешип иштөө, креативдүүлүк жана өзүн өзү башкара билүү көндүмдөрүн баалоо үчүн долбоордук жана изилдөө (же чыгармачылык) тапшырмалар пландаштырылат. Ар бир класс үчүн төмөнкү аткарыла турган иштердин тизмеси же өлчөмү окуу программасында жана баалоо планында конкреттештирилет.

**Кыргыз тили жана адабий окуу предметинин жыйынтыгы боюнча баалоо иштеринин түрлөрү**

**6-таблица**

| № | Сунушталган баалоо иштеринин түрү | Баалоонун болжолдуу өлчөмдөрү |
|---|---|---|
| 1. | Жазуу иштери (иштин мазмунуна карата, окуучунун рефлекциясына жараша сүйлөө сабактары менен байланышы):<br>Эссенин түрлөрү<br>Жат жазуулар (жомок, тамсил, ыр, дил баян). | 45% |
| 2. | Чыгармачылык иштер: инценировка, презентация, иллюстрациялар, кол өнөрчүлүк, аппликация ж.б. | 25% |
| 3. | Изилдөө проектиси | 20% |
| 4. | Өзүн өзү презентациялоо | 10% |
| | | **100%** |

**Окуучулардын билимин баалоонун түрлөрү**

Окуучулардын жеке билимдик жетишкендиктерин жана прогрессин өлчөө үчүн баалоонун түрлөрү: диагностикалык, формативдик (калыптандыруучу), жыйынтыктоочу (суммативдик) баалоо колдонулат.

Окуучулардын жеке билимдик жетишкендиктерин жана прогрессин өлчөө үчүн баалоонун үч түрү, т.а. диагностикалык, калыптандыруучу жана жыйынтыктоочу баалоо колдонулат.

**1. Диагностикалык баалоо.** Прогресске баа берүү үчүн мугалим окуу жылы ичинде жетишилген натыйжалар менен окуучунун билгиликтеринин баштапкы калыптануу деңгээлине салыштыруу жүргүзөт. Диагноздоочу баалоонун натыйжалары сыпаттоо түрүндө катталып жалпыланат жана мугалимдин окутуу милдеттерин аныктап алуусуна, окуучуга тапшырмаларды берүү жолу менен окуу процессине түзөтүүлөрдү киргизүүгө жана аны өркүндөтүүгө негиз болот.

Билим берүү процессинде педагогикалык диагноздоо төмөндөгүдөй милдеттерди аткарат:

- жетишүү деңгээлин аныктоо;
- окуучунун жетишкендиктерин анын мурдагы абалы менен салыштыруу;
- окуучунун билиминдеги кемчиликтердин себебин анализдөө;
- келечегиндеги жетишкендиктерди прогноздоо;
- окуучунун жетишкендиктерин интерпретациялоо жана баалоо;
- окуучуга диагноздоонун натыйжаларын маалымдоо;
- диагноздоонун натыйжасына карата окуучунун иш-аракетин көзөмөлдөө.

Мугалим окуучуларын системалуу түрдө байкоосунун өзү да диагноздоочу ишмердүүлүк болуп саналат. Мындан улам диагноздоочу маалыматтарды чогултуу кандай шартта ишке ашырылгандыгын: дал келген каражаттар мененби (класстык иштер, тесттер, анкеталар ж.б.) же ансыз элеби (мисалы, жөн гана байкоо методу) мугалим өзүнө белгилеп алат.

Диагноздоодо алгач байкоого алынган бир жак менен башка бир стандарттык деп кабыл алынган экинчи жак салыштырылат. Ага анализ кемчиликтердин себебин аныктоо максатында жүргүзүлүп, абалга жараша индексацияланып, баа берилген соң гана ошол баа менен кийинки кырдаал божомолдонот.

**2. Калыптандыруучу баалоо.** Баалоонун бул түрү – баланын теориялык билими менен практикалык машыгуулары күн сайын үзгүлтүксүз түрдө байкалып, текшерилип турушу, анын калыптануу процессин туюнтат, т.а. баланын билиминин калыптанышынын максаттуу түрдө үзгүлтүксүз байкалып-бааланып турушу. Бул учурда мугалим баланын күндөлүк билимин атайын баа коюп баалабоосу ыктымал, ал түрдүү критерийлерди эске алуу менен, кийинки баалоого негиз болуп эсептелиниши толук ыктымал.

Баалоонун бул түрү өз алдына мындайча максат коёт, ал негизинен, мугалим окуучунун аткарган иштериндеги катачылыктарды убагында оңдоп, түзөтүп, эскертип турuусу, кийинки текшерүүгө алдыртадан баланы даярдап отуруусу менен мүнөздөлөт.

Бул учурда мугалим баланын билим деңгээлин аныктап, көз салып, диагностикалап туруусу ишке ашырылат. Анын өзү баланы жоопкерчиликке үндөө менен, жыйынтыктоочу мезгилге теориялык-практикалык жактан даярдап отурат.

3. **Жыйынтыктоочу баалоо.** Баалоонун бул түрү – окуучунун окуу ишмердигин баалоону андан ары улантат, т.а. жыйынтыктайт, жыйынтык баа коет. Анда окуу курсундагы кайсы бир теманы, бөлүмдү өздөштүрүү аяктаганда, окуучулардын теориялык билими менен практикалык машыгууларынын, окуу билгичтиктери менен көндүмдөрүнүн калыптануу абалын аныктоо, ошого жараша баланын билимин баалоо ишке ашат. Ал

баланын билими менен машыгууларын тесттер, текшерүү иштери, баяндама, дил баян, эссе жаздыруу, айрым долбоорлорду түздүрүү аркылуу баалоо менен коштолот. Алардагы ар бир коюлган белгилер (т.а. баалар) чейрек аягында чыгарылуучу жыйынтык баалоодо эске алынат же ага негиз болот. Буга чейрек аягындагы баа гана эмес, жыл аягындагы экзамендик баалар да кирет.

**7-таблица**

| **Билим берүүнүн натыйжалары**<br>**(бул таблицада айрым үлгүлөр берилди)** | **Сунушталган баалоо иштеринин түрү** |
|---|---|
| • Оозеки жана жазуу түрүндө өтө чоң эмес тексттердин окулган түрлөрүн жана жанрларын түзө алат. | Чакан эссе (айтып берүү, сүрөттөө, ой жүгүртүү)<br>Сүрөт же сүрөттөрдүн сериясы боюнча аңгеме түзүү |
| • Окулган же уккан текст боюнча бир бүтүн ойду билгизген мазмундуу (туура сөз тандоо, сөздөрдүн туура жайгашуусу жана байланышы тартиби), интонация менен айтып берүү формасында өз оюн бере алат.<br>• Сүйлөөдө жана окууда сөздөрдү туура айтат, сүйлөө эрежелерин сактайт. | Чакан проектилер жана изилдөөлөр, чакан презентациялар |
| • Текстти окуунун түрдүүлүгүн колдоно билет(таанышуу, изилдеп чыгуу, тандап окуу)<br>• Текстти шар, туура көркөм окуй алат жана түшүнгөнүн билдире алат.<br>• Уккан жана окуган толук же толук эмес тексттен керектүү маалыматтарды таба алат. | Графикалык иш (туташ текстти туташ эмес текстке өзгөртө алат же тескерисинче) |
| • Айтып берүүнүн максатын билет, жөнөкөй жана татаал сүйлөмдөрдү айырмалап, эрежелерге ылайык тыныш белгилерин коё билет. Өтүлгөн жазуу эрежелерине ылайык сөздөрдү туура жаза алат. | Баяндама, тексттик иштер, жат жазуу<br>Мектеп гезит-журналдарын түзүү |
| • Китеп менен иштөө ыкмаларын жана көндүмдөрүн колдонот, кээ бир авторлорду билет, китеп тандоосун түшүндүрө алат. | Сүйгөн чыгармасы боюнча өз оюн айтып берүү. |

**3.3.2 таблицасы. Башталгыч мектептин билим берүүнүн натыйжаларын баалоо үчүн баалоо ишинин сунушталган иштеринин түрлөрү**

| **№** | **Сунушталган баалоо иштеринин түрлөрү** | **Баалоонун болжолдуу өлчөмдөрү** |
|---|---|---|

| | | |
|---|---|---|
| 1. | Жазуу иштери (иштин мазмунуна жараша, окуучунун рефлекциясына жараша сүйлөө сабактары менен байланышы):<br>Эссе, түрлүү жанрдагы дил баян (жомок, тамсил, ыр аңгеме) | 45% |
| 2. | Чыгармачылык иш (инсценировка, презентация, иллюстрациялоо, кол өнөрчүлүк, аппликация ж.б) | 25% |
| 3. | Изилдөө долбоору | 20% |
| 4. | Оозеки презентациялоо | 10% |
| | | **100%** |

## 4-БӨЛҮМ
## БИЛИМ БЕРҮҮ ПРОЦЕССИН УЮШТУРУУГА КАРАТА ТАЛАПТАР

### 4.1. Окутуунун методикасына коюлган негизги талаптар

Жогоруда сөз болгондой, жуурулушкан предмет катары Кыргыз тили жана адабий окуу предметин окутуу төмөнкүдөй өзгөчөлүктөргө ээ болот:

Предметтин максаты мындай деп турат: Тил системасынын негизги элементтерин өздөштүрүү жана тексттин бардык түрлөрүн окуп/угуп аң-сезимдүү кабыл алуу аркылуу окуучулардын кеп ишмердигинин бардык түрлөрүн өнүктүрүү.

Демек, предмет окуучунун коммуникативдик ишмердиги аркылуу анын кебин өстүрүүгө багытталат, бардык өздөштүрүлүп жаткан материалдар (анын ичинде тилдик материалдар да) ушул милдетти ишке ашырат. Анын кеби так, мазмундуу, инсанга багытталган мүнөздө болушу шарт.

Ага жетүү үчүн сабакта жекече, топтук, жамааттык формалар колдонулуп, кызматташууга басым жасалат. Ошол эле мезгилде айрыкча көркөм тексттер окуп-үйрөнүлүп жаткан учурда окуучунун оюу, жеке пикири, ага аргументтерди келтирип, далилдөө аракети өзгөчө маанилүү болуп саналат. Көркөм тексттер менен иштөөдө аны эмоциялуу-баалуулук мамилелери аркылуу кабыл алуусу, өзүн өнүктүрүүсү инсанга багытталган мамилени ишке ашыруунун негизи болот.

Мында дифференциялап окутууну, долбоор методун, өнүктүрүүчү технологияны, сынчыл ойломду колдонууга болот. Жогоруда сөз болгондордун баары негизги жана предметтик компетенттүүлүктөрдү калыптандырууга багытталышы шарт. Темаларга ылайык сабактарды музыкалык коштоо менен өткөрүүгө болот.

Сабактарда оюн технологияларын колдонуу - башталгыч класстын окуучуларынын эмоционалдык интеллекттин жана баарлашуу көндүмдөрүн өнүктүрүүгө мүмкүнчүлүк берет.

### 4.2. Ресурстук камсыздоонун минималдуу талаптары

Кыргыз тили жана адабий окуу предметин ресурстук камсыздоого карата минималдуу талаптар – стандарт боюнча башталгыч класстын бүтүрүүчүлөрүнүн даярдык деңгээлине коюлган талаптарды ишке ашыруу үчүн зарыл болгон шарттарды түзүүгө багытталган окуу процессин материалдык-техникалык жактан камсыздоонун минималдуу талаптары.

Аларга китеп басылмаларынын тизмеси (китепкана фонду), көрсөтмө басма жана электрондук колдонмолор, маалыматтык жана байланыш каражаттары, техникалык окуу куралдары, экрандык үн каражаттары, окуу, практикалык жана окуу лабораториялык жабдуулары кирет.

**Кабинетке зарыл болгон каражаттар менен ресурстук камсыздоого минималдуу талаптар**

**8-таблица**

| № | Тип | Каражаттар |
|---|---|---|
| 1 | ОМК (электрондук жана басма түрүндө) | – Билим берүү жана илим министрлиги бекиткен тизмеге ылайык сунушталган окуу-методикалык комплекстер |
| 2. | Кошумча окуу-методикалык жана башка материалдар | – ченемдик-укуктук документтер,<br>– окуу программасы, КТП<br>– мугалимдер үчүн методикалык колдонмолор<br>– жумушчу дептерлер ж.б. |
| 3 | Маалыматтык-коммуникативдик ресурстар | – телесабактар (1–4-класстардын “Кыргыз тили жана окуу” предмети боюнча) |
| 4 | Дидактикалык материалдар | – басма түрүндө көрсөтмө демонстрациялык материалдар (плакаттар, иллюстрациялар, портреттер, таблицалар жана схемалар). |
| 5 | ТСО | – компьютер, компактдисктер, аудио жана видео дисктер, принтер |
| 6 | Экрандык-үн каражаттары | – штативдик же илинүүчү экран (минималдык өлчөмү 1,25 x 1,25), колонкалар, микрофон, наушниктер, аудиожазгыч, видеофильмдер, слайддар |
| 7 | Кошумча каражаттар | - эң жөнөкөй мектеп куралдары: калем, түстүү карандаштар, учтары тегеректелген мектеп кайчы, кадимки сызгыч, компас, өчүргүч, кагаз (жазуу, пейзаж, аппликация жана оригами үчүн түстүү кагаздар), картон (кадимки, түстүү), пластилин же чопо, фольга, калька. |

**4.3. Шыктандыруучу жана коопсуз окутуу чөйрөсүн түзүү**

Башталгыч мектептердеги билим берүү чөйрөсү окуучулардын руханий-адеп-ахлактык, коомдук, илимий, маданий жана психикалык өнүгүүгө жетишүү милдеттерине тиешелүү сапаттуу билим берүүнү камсыз кылууда, окуучулар үчүн жагымдуу чөйрө болушу керек. Алардын ата-энелери (мыйзамдуу өкүлдөрү), окуучулардын физикалык, психологиялык жана социалдык саламаттыгын коргоого жана чыңдоого кепилдик

берүүлөрү керек. Окуучуларга жана мугалимдерге карата ыңгайлуу шарттар болуусу шарт. Билим берүү чөйрөсү ар бир окуучу тарабынан баштапкы билим берүүнү камсыздоо менен бирге анын ичинде ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү балдарга шарт түзүп берүү.

Билим берүү чөйрөсү – физикалык, психологиялык жана академиялык жактан, бул аспектилеринин ар бирин окуучуларга жана мугалимдерди окутууга түрткү берүүдө маанилүү ролду ойнойт.

Кыргыз тили жана адабий окуу предметинде басымдуу физикалык чөйрөнү сабакта заманбап технологиясы колдонуп, жагымдуу мейкиндик түзүп, окутуунун эффективдүү ыкмаларын колдонуу менен түзүү.

Психологиялык чөйрө калыптандыруучу баалоону колдонуп, позитивдик бирин-бири колдоочу кайтарым байланыш түзүү, окуучулардын өз алдынча иштөөсүн, сабакта активдүүлүгүн колдоо менен, ошондой эле сабакта обьективдүү баалоо аркылуу түзүлөт.

Мотивациялык академиялык чөйрө – окутуунун интерактивдик методдорун жана топтук иштердин формаларын колдонуу менен, окутуунун кошумча материлдарын, анын ичинде заманбап, көркөм жана илимий-популярдык иллюстрацияланган иштерди колдонуп, окуучулардын иштерин маалымат менен стимулдаштыруучу изилдөө жана издөө методдорун пайдалануу менен калыптанат.

Башталгыч мектепте билим берүү чөйрөсүн физикалык, экологиялык, психологиялык жана маалыматтык коопсуздукту эске алуу менен уюштуруу.

Мектептин кеңсесиндеги бардык элементтер, алардын пайдаланылышынын санитардык-эпидемиологиялык эрежелери жана өрт коопсуздук, электр коопсуздук эрежелеринин ченемдик укуктук актылары жана эрежелери коопсуздукту камсыз кылуучу талаптарга жооп берүү.

Жалпы билим берүү уюмунун бардык бөлмөлөрүндө жасалма жана табигый жарык берүү деңгээли гигиеналык талаптарга жооп берүү менен камсыз кылынат жана жылуулугу нормага төп келүү.

Электрондук маалыматтарды жана билим берүү чөйрөсүн пайдалангандыгы үчүн шарттар билим берүү мамилелеринин катышуучулары, санариптик билим берүү ресурстарынын коопсуздугу, билим берүү ишмердүүлүгүнүн коопсуздугу гигиеналык стандарттарга жана санитардык-эпидемиологиялык талаптарга ылайык, билим берүү ишмердүүлүгүн камсыз кылуу.

## АДАБИЯТТАР


1. "2021-2026-жылдары КРда Кыргыз жараны деп аталган жарандардын өзүн таануусун өнүктүрүүнүн концепциясы", КР Президентинин жарлыгы, 13.11.2020, №39
2. «Инсандын руханий-адеп-ахлактык өнүгүүсү жана дене тарбиясы концепциясы», КР Президентинин жарлыгы, 29.01.2021, №1
3. "Улуттук нарк жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Президентинин жарлыгы, 20.05.2022, №157
4. Кыргыз Республикасында билим берүүнү 2021−2040-жылдарга карата өнүктүрүү программасы, КРӨ токтому, 2021-жылдын 4-майы, №200
5. "КРда 2021-2030-жылдарга чейин жаштарды руханий-адеп-ахлактык өнүктүрүү жана дене тарбиялоо концепциясы", КР БИМ буйругу, 12.04.2021, №441/1
6. Кыргыз Республикасында 2021-2025-жылдарда мамлекеттик тилди өнүктүрүү жана тил саясатын өркүндөтүү программасы, КРӨ токтому, 01.10.2020, №510)
7. Кыргыз Республикасында мектептик жалпы билим берүүнүн мамлекеттик билим берүү стандарты, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 22-июлундагы №393 токтому.
8. Кыргыз тили жана окуу предметинин стандарты. Абдухамидова Б.А., Токтомаметов А.Д., Баимбетова Н.К. – Бишкек, 2019.
9. Башталгыч класстардагы окууга коюлуучу базалык талаптар. Токтомаметов А., Абдухамидова Б., Баимбетова Н. – Б., 2014.
10. Бекбоев И. Инсанга багыттап окутуу технологиясынын теориялык жана практикалык негиздери. – Б., 2004.
11. Кыргыз Республикасындагы көп маданияттуу жана көп тилдүү билим берүү концепциясы. – Бишкек, 2008.
12. Кыргыз Республикасында элдин биримдигин жана этностор аралык мамилелерди чыңдоо концепциясы. – Бишкек, 2012.
13. Рысбаев С., Абдухамидова Б. Окуучулардын окуу жетишкендиктерин баалоо. 1-4-класстар, Методикалык колдонмо. – Б., 2010.
14. Рысбаев С.К. 1-класста окуучулардын сабатын ачуунун, сөзүн өстүрүүнүн жана рухий тарбия берүүнүн маселелери. – Б.: Педагогика, 2000.
15. Рысбаев С. Баланын китеп окуусун уюштуруу технологиялары. – Б.: «Улуу Тоолор», 2021.
16. 2021-2040-жылдары Кыргыз Республикасында билим берүүнү өнүктүрүү программасы. – Бишкек, 2021.
17. Шаелдаева С. 4-класста кыргыз тилин окутуу. – Бишкек, 2008.